# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ЯНВАРЬ 2015 | № 1 (38) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


### Көңүл чордонунда

2014-жылдын жыйынтыктары. Муниципалитеттер өзгөргүсү келет. Жакшы жагына.....2

### ЖӨБнын эл аралык тажрыйбасы

Польша үчүн актуалдуу маселе: муниципалдык лидерлердин өз алдынчалуулугу менен жарандык коомдун көзөмөлү ортосундагы теңдик.....5

### ЖӨБнын ресурстары

Жерлерди башкаруу: көйгөйлөр кайсы “фронттордо” орун алган?.....11

Жерлерди башкаруудан кирешени ар бир жетинчи муниципали-тет гана алат.....14

Ивановка айыл өкмөтү муниципалдык объекттерге жана жер участокторуна каттоо жүргүзүүгө киришти.....16

### ЖӨБнын каржысы

Жергиликтүү бюджеттердин аудитин өткөрүү боюнча жаңы мето-дикалык колдонмо.....17

Айкындуулук жана отчеттуулук жергиликтүү бюджеттердин аудитинин жаңы багыттары катары.....19

Мамлекет берилген ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун алдындагы өз милдеттенмелерин аткарууда.....22

### Мыйзамдагы жаңылыктар

Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестри.....25

Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине карата ӨСИнин сереби.....26

Муниципалдык кызматчыларды окутуу тууралуу.....28

Региондорду өнүктүрүү фонду тууралуу.....29

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Тор-Камыш айылында сугат суу үчүн механикалык суу жеткиргич курулду.....30

Багыш айылдык аймагынын жергиликтүү калкы заманбап окутуу үчүн шарттарды түзүүдө.....31

Мартта “Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана натыйжалуу өз ара аракети: ресурстар, натыйжалуулук, ишеним” темасына Эл аралык конференция өтөт.....31

### ӨСИ жаңылыктары

ММК өкүлдөрү арасында өткөрүлгөн “Шаардын бюджети – менин бюджетим” аттуу сынактын жеңүүчүлөрү аныкталды.....32

Өнүктүрүү саясат институту КР Мамлекеттик кадр кызматын мамлекеттик кызматты өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн БУУнун сыйлыгына көрсөттү.....32



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;

**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусуКанышбек МОЛДОГАЗИЕВ*




**Лариса ЛИ**

# 2014-жылдын жыйынтыктары. Муниципалитеттер өзгөргүсү келет. Жакшы жагына

КР Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун (УСИИ) маалыматы боюнча, өткөн жыл Кыргызстан үчүн жеңил болбосо да, окуялар жана жыйынтыктар боюнча алып караганда туруктуу жана позитивдүү болду. Муну бир топ эл аралык рейтингдер боюнча жакшы жагына өзгөргөн көрсөткүчтөр ырастап турат.

Экономикадагы оң өзгөрүүлөр Базар реформаларынын натыйжалуулук индексинде, финансы базарынын өнүгүүсү боюнча глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүктө (Doing business) чагылдырылды. Бул жерде өлкөнүн позициясы ондогон баллдарга жакшырган. Белгилей кетчү жагдай, бул дүйнө жүзү боюнча ыктымал инвесторлор ишеним арткан көз карандысыз, чет элдик эксперттик уюмдардын баасы. Ошондуктан мында кандайдыр бир субъектизм жөнүндө сөз да болбойт.

Өлкөнүн өнүгүүсүндөгү оң динамика көбүнесе мамлекеттик секторду реформалоо боюнча Жол картасын кадам-кадамы менен ишке ашыруунун натыйжасында мүмкүн болду. Бул документте алдыга коюлган милдеттерди аткаруу кайсы бир деңгээлинде 2014-жылы өкмөттүн жана анын бардык структураларынын көз көрүнгөн көрсөткүчү болуп эсептелет.

Мамсекторду реформалоонун стратегиялык компоненттери коомдун турмушундагы маанилүү делген чөйрөлөрүнө тиешелүү. Алар: коррупция менен күрөш, кыргызстандыктар көптөн бери талап кылып келген адилеттүү сот акыйкаттыгын орнотуу, мамлекеттик финансыны жана энергетика, пайдалуу кендерди казып алуу өңдүү өтө маанилүү тармактарды натыйжалуу башкаруу. Албетте министрликтерде жана ведомстволордо, ошондой эле аймактык органдарда башкаруу стилин өзгөртпөстөн бул көйгөйлөрдүн баарын чечүү мүмкүн эмес. Ошондуктан стратегиялык документтин маанилүү компоненттери болуп мамлекеттик башкарууда жана мамкызматта жүргүзүлгөн реформалар эсептелет. Бул болсо муниципалитеттерди да кыйгап өтпөгөнүн белгилей кетүү зарыл.

Бул жумуш башталды. Биринчи баскычы – кыска мөөнөттүү чаралар – декабрдын соңунда жыйынтыкталды. Өкмөт Жол картасына камтылган 66 иш-чаранын 28и аткарылганын маалымдады. Бул убакыт аралыгында жогорку аткаруу бийлиги республиканын экономикалык жана социалдык жашоосуна тиешелүү ондогон маанилүү документтерди демилгелеп чыкты. Алардын ичинен 18 ченемдик укуктук акт кабыл алынды.

Финансы министрлиги түзгөн атайын порталды жана мамлекеттик сатып алууларды электрондук форматка өткөрүүнү өкмөттүн жетишкендиги катары белгилей кетсе болот. Маалым болгондой, буга чейин мамлекеттик сатып алууларды жайгаштыруу боюнча тендерлер жабык мүнөзгө ээ болуп келген. Курамына аткаминерлерден тышкары коммерциялык эмес уюмдардын жана ММКнын өкүлдөрү кирген комиссиялар бүтүмдөрдүн ачык-айкындуулугунун тегерегинде жүргөн ушакайыңдарды жана күмөн саноолорду алып сала алган жок. Соода аянтчасына кызыкдар адамдардын гана эмес, ошону менен бирге бардык кааалоочулардын да эркин кирип-чыгуусу, ошондой эле тооруктардын ачыктыгы жана айкындуулугу бул чөйрөдөгү күңүрт коррупциялык схемаларды көмүскөдөн чыгара алды.

ӨСИ долбоорлору боюнча менеджер, мамлекеттик сатып алуулар жаатындагы адис Султан МАЙРАМБЕКОВдун баамында, порталдын пайда болушу менен сатып алуучу уюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн иши бир кыйла жеңилдеди. Сайттын бөлүмдөрүнөн жана түрмөктөрүнөн өтө көп пайдалуу маалыматтарды табууга болот. Бирок ошол эле кезде адис Финансы министрлиги тапшырма аткарылды деп отуруп калбашы керектигин, порталдын мындан ары да иши көп болорун айтат.

- Республиканын бир топ муниципалитеттеринде интернетке жеткиликтүүлүккө байланыштуу көйгөйлөр бардык жол-жоболорду өз маалында аткаруу ишине бут тосууда, - дейт Султан МАЙРАМБЕКОВ. – Анын үстүнө портал менен иш алып бара турган тийиштүү адистер да жетишсиз. Айыл өкмөттүн кызматкерлери район борборуна барып, интернет-кафелердин кызматкерлеринен Финансы министрлигинин сайтына кирип, зарыл операцияларды жүргүзүп берүүнү өтүнүүгө мажбур болууда. Порталдын администратору материалдардын туура толтурулуп-толтурулбаганына көз салбай турганын белгилей кетким келет. Анткени айрым маалыматтар же документтер туура эмес чыгууда.

Эксперт кеп-кеңеш алуу үчүн муниципалитеттердин IT-адистери менен байланышуусу да бир кыйла түйшүк жаратып жатканын белгилейт. Жеткирүүчүлөрдө да порталдын ишине байланыштуу дооматтар көп.

Бул кемчиликтердин баары түшүнүктүү. Реформалар эч качан оңой ишке ашкан эмес. Анын кесиптеши, Өнүктүрүү саясат институтунун юридикалык маселелер боюнча эксперти Нурдин КҮМҮШБЕКОВ да ушундай эле пикирде.

- Ошол эле кезде “Мамлекеттик сатып алуулар порталы” ар бир жаранга өткөрүлүп жаткан сынактар, тоорукка катышуу үчүн сатып алынчу товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр тууралуу маалымат алууга мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, сатып алуулардын ыктымал катышуучулары порталдан керектүү документтерди, ишмердиктин тийиштүү чөйрөлөрүндө өткөрүлүп жаткан тендерлер тууралуу маалымдаманы жеке электрондук дарегине алып, тооруктардын жүрүшүнө көз сала алат.

Порталда кезектеги финансы жылына карата мамлекеттик сатып алуулардын планы жана жол-жоболордун жыйынтыктары тууралуу отчеттор, табыштамаларды ачуу маалында түзүлгөн

протоколдордун көчүрмөлөрү жана бизнес үчүн маанилүү болгон башка маалыматтар жарыяланып турат.

Нурдин КҮМҮШБЕКОВдун айтымында, электрондук тооруктар товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен бюджеттик чыгашаларды азайтууга, тооруктар боюнча бардык жол-жоболорду өткөрүүнүн өзүнө сарпталган чыгымдарды кыскартууга көмөктөшүп, адилеттүү атаандаштык үчүн шарттарды түзүүдө.

Жогоруда айтылгандай, өткөн жылы өкмөт бир катар маанилүү ченемдик укуктук актыларды чыгарды. Республикадагы бюджеттик чөйрө боюнча алдыңкы эксперттердин бири Асылбек ЧЕКИРОВдун баамында, ошол документтердин ичинен эң керектүүсүнүн бири – Өкмөттүн 2014-жылдын 18-апрелиндеги “КР аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин эффективдүүлүгүн баалоо тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому эсептелет. Бул документ коом кайсы критерийлер боюнча аткаминерлердин ишине баа бериши керектигине тактык киргизет.

Премьер-министр Жоомарт ОТОРБАЕВдин Дүйнөлүк банктын тобунун өкүлдөрү менен жолугушууда да бул тууралуу сөз козгогону кокустан болбосо керек. Ал инвесторлорго ар бир жетекчи, министр, район жана облус башчысы жеке аракеттер планына ээ болгонун, анын кийин аткарылышына дыкаат анализ жүргүзүш керектигин айтты. Бул жылга ошондой эле тийиштүү пландар түзүлдү. Ага ылайык, жетекчилерге 776 конкреттүү тапшырма берилди. Ар бир министр же аким өз кезегинде кызматкерлери үчүн тапшырма берүүнүн ушул өңдүү системасын түзөт. Жоопкерчиликтин мына ушинтип түзүлгөн схемасы ар бир мамкатчынын ишин баалоого жол ачат.



*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу Алтынай КОНУШБЕКОВА*

“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамдын жарык көрүүсүн бир топ эксперттер зарыл жана маанилүү деп баалашты. Өнүктүрүү саясат институтунун башчысы Надежда ДОБРЕЦОВАнын ишениминде, бул маселеде алга карай чоң кадам ташталды.

- Реестрди жана стандарттарды киргизүү менен кызматтарды көрсөтүүгө буйрутмачы катары жаран менен аткаруучу катары мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилелер жөнгө салынат. Салыштырмалуу кыска убакыт аралыгында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулап, алардын керектөөчүсү – жарандардын укуктарын коргоо күчтөндүрүлөт деп күтсө болот, - деди ДОБРЕЦОВА. – Буга стандартташтыруу көмөкчү болот. Бирок муну менен катар бир эле учурда уктарды көзөмөлдөө жана коргоо институттарынын түптөлүшүнө карата аракеттер көрүлүш керек. Бирок жалпысынан кадам, болгондо да алга карай чоң кадам жасалганын кайталап өтөйүн.

Анткен менен Надежда Николаевнанын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө карата мындай оптимисттик маанайы байкалбайт. Анын баамында, натыйжада реестрге кирген кызмат көрсөтүүлөрдү ушундай деп атоо оор. “Күнүмдүк турмушту алып караганда, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр – бул коммуналдык маселелер: суу, жолдор, таштанды ж.б. Бирок бул маселелердин баары реестрге кирбей калды! Ага маалыматтык-маалымдама кызмат көрсөтүүлөр, кызмат көрсөтүү деп айтууга ооз барбай турган жер маселелери жана көрүстөндөр кирди. Булар көбүрөөк жарандык-укуктук мамилелерге жакын”.

- Менин жеке пикирим: мамлекет кайрадан эле оор темадан “секирип түшүп”, бул өтө татаал, финансылык жактан оор маселени жарандарга жана жарым-жартылай муниципалитеттерге таштап койду. Бирок чынында адамдар үчүн маалымдамаларга караганда дал ушул коммуналдык маселелер маанилүү! Дал ошолор жашоо шартын калыптандырат эмеспи! Жеке баамымда, керектөөчүлөрдүн стандарттары жана укуктары үчүн өзүнө жоопкерчилик албаш үчүн бул маселелердин мыйзам тарабынан жөнгө салынуусунан атайын алып салышты. Бул кымбат, жооптуу жана техникалык жактан татаал. Бирок муну баары бир жасаш керек да! – деп көкөйгө тийген, бирок бул жолу да бийликтин көңүл сыртында кала берген көйгөй тууралуу өз көз карашын ачык жана эмоционалдуу түрдө билдирди Надежда ДОБРЕЦОВА.

Анын пикирине коомдук уюмдардын эксперттери гана эмес, ЖӨБ органдары да кошулат. Реестрде коммуналдык чөйрө үчүн орун табылбай калганы укуктарга толук кандуу стандарттардын, көзөмөлдүн жана коргоонун болбой калышына алып келет деп кооптонушат алар.

Түрдүү тармактардагы адистердин, эксперттик жамааттын, жарандык сектордун өкүлдөрүнүн өкмөттүн аракеттерине жана кадамдарына кылдаат жана чоң кызыгуу менен байкоо салышы, аларга сын пикирлери, сунуштары менен жардам берип жатышы өлкөдө реформалар ордунан жылганынан жана аларга ишеним артканынан кабар берет.

2015-жылы Жол картасында орто тездиктеги чараларды ишке ашыруу жылы катары белгиленген экинчи баскыч башталды. M



# Польша үчүн актуалдуу маселе: муниципалдык лидерлердин өз алдынчалуулугу менен жарандык коомдун көзөмөлү ортосундагы теңдик

**2014-жылдын декабрында Жогорку Кеңештин, Өкмөт аппаратынын өкүлдөрү, ЖӨБ органдарынын жетекчилери, жергиликтүү жамааттын жана Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлдөрү Польшага окуу сапары менен барып келишти. Бул сапар Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун колдоосу менен ишке ашырылды. "Муниципалитет" журналы борборлоштурууну азайтууда Польшанын тажрыйбасы тууралуу өз байкоолорун жарыялайт жана Кыргызстан үчүн кандай мисалдар пайдалуу болуп, ал эми кайсы жерден башкаларды туурабастан, өз жолубузду табышыбыз керектиги тууралуу талкууну улантуу үчүн бардык пикирлерди кубаттайт.**

# Польшанын саясий формуласы: жергиликтүү өз алдынча башкаруу + базар экономикасы + сөз эркиндиги = демократия

Польшанын башка айрым мурдагы социалисттик өлкөлөрдөгүдөй эле жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өзгөчөлүгү – анын келип чыгышын Балтика жана Чыгыш Европа өлкөлөрүндө XX кылымдын 80-жылдарынын соңунда башталган саясий трансформациялоо процесстери менен байланыштырышат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тарыхый жаңырыктары бул өлкөлөрдө совет мезгилинде да сакталып кала берген. Балким ошол себептерден улам Чыгыш Европадагы шаарларда жана айылдарда турмуш тиричилик деңгээли Советтер Союзуна кирген республикаларга (Прибалтиканы кошпогондо) салыштырмалуу дайыма жогору болчу. "Польшада жергиликтүү өз алдынча башкаруу 1950-жылга чейин, аны Советтер Союзу иш жүзүндө жок кылганга чейин дайыма болуп келген", - деп эскертет Жергиликтүү демократияны колдоо фондунун Камкорчулар кеңешинин мүчөсү, Польшада ЖӨБны калыбына келтирүү ишинин демилгечилеринин бири Ежи СТЕМПИЕНЬ.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун салттарын унутта калтырбаган Польшанын жаңы саясатчылары жергиликтүү өз алдынча башкаруу реформасын трансформациялоонун символдорунун бирине айландырышты. Муниципалитеттердин өз алдынчалуулугу тууралуу сөздөр "Тилектештик" кыймылынын жана Польшанын коммунисттик партиясынын эң алгачкы консультациялары жүрүп жаткан маалда биринчи жолу айтыла баштады. Балким ЖӨБнын дал ушул саясатташып кеткенине жана символикалык маанисине байланыштуу анын кереги барбы, же жокпу деген маселени Польшада эч ким көтөрбөйт чыгар. Польша президентинин Туруктуу кеңешчиси Ян ЛИТЫНЬСКИЙдин айтымында, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун децентрализациясы жана өнүгүүсү – бул ар бир өлкөнүн башкаруунун демократиялык формасына өтүү процессиндеги ажыратылгыс бөлүгү. "Демократиялык Польшанын алгачкы өкмөтү – "Мазовецкийдин өкмөтү" – үч фундаменталдык реформаны баштап берди. Мына ошолор 20-кылымдын үлгүсүндөгү Польша мамлекетинин негизги контурун калыптандырды. Алар: сөз эркиндиги менен кошо саясий реформа; менчиктештирүүнү жана бизнестин өнүгүүсүн кошкондо экономикалык реформа; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун децентрализациясы жана өнүгүүсү. Борборлоштурууну азайтуу (децентрализация) – бул ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти ажыратууда зарыл болгон, талашсыз элемент. Ал бийликтин коом алдындагы отчеттуулугун, жергиликтүү бийликтин борбордон көз карандысыз саясат жүргүзүүсүн камсыздап, жарандардын борборлоштурулган башкарууга караганда, кабыл алынган чечимдерге дагы да жакшы таасир этүү мүмкүнчүлүгүн кепилдейт".

Баса, "Муниципалитет" журналы жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мына ушул өңдүү мамиле Латвияда да калыптанганы тууралуу жазган эле. Латвияда Элдик фронт адегенде бийликти муниципалдык деңгээлде алып, андан кийин улуттук өкмөттү түзгөн. Ошондуктан Латвияда Польшадагыдай эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктары жана эркиндиктери кол тийгис болуп эсептелет. Кыргызстанда болсо кырдаал башкача: бизде демократия менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосунда түз аналогия жүргүзүлбөйт. Бекер кылышат. Балким, эгерде биз жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата көз караашты бир аз башка нукка бурсак жана аны демократиялык башкаруунун негизи катары кабыл алсак, көп айтылган бийликтин оодарылган пирамидасы кадимки абалына келер беле... Ресурстар жана ыйгарым укуктар пропорционалдык эмес деңгээлде борбордо топтолуп, ал эми элет жергеси өнүгүү үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүк алал-

*Ежи СТЕМПИЕНЬ (крайний слева), член Совета попечителей Фонда поддержки местной демократии, и Ян ЛИТЫНЬСКИЙ, Постоянный советник Президента Польши (крайний слева)*






бай солуп, тынчсызданган кырдаал жакшы жагына өзгөрөр беле... Кыргызстан өнүгүү үчүн бекем жана туруктуу негиз алаар беле...

Польшада жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ийгилигинин негизги кепилдиктери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ЖӨБ органдарынын саясий көз карандысыздыгы (автономиясы);
- көз карандысыз бюджеттер. Алардын негизги принциптери – жергиликтүү бюджеттин кирешеси жамааттын керектөөлөрүн канааттандырууга жетиш керек (жана бул мыйзамда белгиленген);
- өзүнчө мүлк;
- мамлекеттин мыйзамдарды сактоо жаатындагы көзөмөлү.

## Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө Польшанын жогорку башкаруу органдарынын ролу

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүдө негизги ролду бардыгы үчүн бирдей эрежени орноткон Польшанын парламенти – сейм ойной турганы шексиз. Парламентте жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана аймактарды өнүктүрүү боюнча комитет иш алып барат. Ага муниципалдык кесипкөй тарыхы бар, айталы, заманбап жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзгөчөлүктөрүн жакшы түшүнгөн жана ЖӨБнын кызыкчылыктарын тең салмактуу коргоого жөндөмдүү болгон Варшаванын мурдагы мэри өңдүү депутаттар кирет. Мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү мыйзамдык актылар узакка созулган жана деталдуу сүйлөшүү процессинен кийин гана кабыл алынат. Бул болсо бардык кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарындагы тең салмактуулукту камсыздоого көмөктөшөт. Аны менен катар туруктуу комиссия да иш алып барат, ага мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун – муниципалдык ассоциациялардын өкүлдөрү кирет. Польшада ушул өңдүү бир нече ассоциация бар: “гмин жана шаарлар” бирдиги, “повяттар” бирдиги, “воеводалар” бирдиги жана “метрополийлер” бирдиги. Комиссияны өкмөттүн өкүлү – башкаруу министри жетектейт. Анткен менен бул мамлекеттин чечүүчү добушу бар дегенди билдирбейт. Анткени сүйлөшүү процессинин максаты – жеңишке жетүү эмес, баары үчүн ыңгайлуу чечим, мунаса табуу болуп эсептелет.

Польша Республикасынын президенти Бронислав КОМОРОВСКИЙ жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүн өзүнүн негизги милдеттеринин бири катары эсептейт. Мамлекет башчысы ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү менен жылына бери дегенде бир жолу жолугушуп турат. Ал эми анын администрациясындагы министрлердин



бири жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен байланышта болуп, ЖӨБга карата президенттин мыйзам чыгаруу демилгелерин иштеп чыгуу үчүн жооп берет.

ЖӨБнын өнүгүүсүндө Польша өкмөтүнүн ролу анчалык чоң эмес: өкмөт мыйзам чыгаруу демилгелер укугуна ээ эмес, бирок воеводаларды – өз өкүлдөрүн дайындоо үчүн жоопту. Алар ЖӨБ органдарынын чечимдери колдонуудагы мыйзамдарга шайкеш келип-келбегенин текшерип турушат.

Жалпысынан Польша мамлекети жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата логикага сыйган жана жүйөлүү позицияны ээлейт – мыйзамдардын сакталышына көз салат жана кызыкчылыктар тең салмактуулугун камсыздайт. Чечимдерди кабыл алуу процессине кийлигишүү тууралуу сөз да жүрбөйт. Анткен менен мэрлердин бири өзүнүн мамлекет менен өз ара мамилелери тууралуу мындай пикирде: “Парламент ЖӨБга каржы бөлүнбөй турган кошумча милдеттенмелерди жүктөгөн мыйзамдык актыны кабыл алуу менен биздин жашообузга “бүлүк сала алат”. Бирок иш жүзүндө мындай боло албайт. Анткени депутаттык комиссиялар жана ассоциациялар менен өкмөттүн биргелешкен комиссиясы биздин кызыкчылыктарыбызды коргойт. Мындан тышкары бизди Конституциялык палата коргойт. Анткени өлкөнүн Башкы мыйзамы каржылоо менен бекемделбеген милдеттенмелерди жүктөөгө тыюу салат”.

## Польшадагы ЖӨБнын үч деңгээли: татаал, бирок иштейт!

Кыргызстандан барган делегацияны Польшада ЖӨБнын татаал үч деңгээлдүү системасы канчалык татаал болгонуна карабастан бир кыйла натыйжалуу иштеп жатканы таң калтырды. ЖӨБнын биринчи деңгээли – бул болжол менен 2500 гмина жана шаар (гмина – элет жамааты, юридикалык жак). Экинчиси – 314 повят (район). Үчүнчүсү – 16 воеводство (облустун бир түрү), алардын ар биринде орточо эсеп менен алганда болжол менен 2,4 миллион киши жашайт. Ошону менен бирге ЖӨБнын төмөн турган деңгээлдери жогору тургандарына отчет бербейт! Деңгээлдер ортосундагы ыйгарым

укуктар жана функциялар горизонталдык принцип боюнча бөлүштүрүлгөн. Ар бир деңгээл өз милдеттерин аткарат жана башкалар менен аралашпайт. Бардык функциялар бөлүктөргө бөлүштүрүлгөн. Мисалы, саламаттык сактоого карата медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн баштапкы деңгээли бар – гминалардын деңгээлинде, жалпы профилдеги оорукана – повяттардын деңгээлинде, кууш адистештирилген медициналык кызмат көрсөтүүлөр – воеводстволордун деңгээлинде. Медицинанын өзү болсо илим катары мамлекеттин деңгээлинде турат. Темир жолдор, анын ичинде кыймылдама курамы локалдашуусуна жараша гминалык болушу мүмкүн, повяттарга, воеводстволорго жана мамлекетке тиешелүү боло алат. Ошону менен бирге өлкө калкы жана башкаруучулар темир жолдун ишинин натыйжалуулугу жана кызмат көрсөтүүнүн сапаты адатта мамлекеттин деңгээлине салыштырмалуу повяттар деңгээлинде бир кыйла жогору болгонун белгилеп келишет – алардын курамы жаңыраак, тейлөө жакшыраак. Жалпысынан Польшадагы эксперттер жергиликтүү өз алдынча башкаруу борбордук өкмөткө салыштырмалуу ресурстарды бери дегенде 20 пайызга эффективдүүрөөк жана үнөмдүү башкарат деген пикирди карманышат. Бул таң калычтуу деле эмес – кызмат көрсөтүүнүн керектөөчүлөргө жакын болгону да таасирин тийгизбей койбойт.

Мындай системада мамлекетте чоң көлөмдөгү менчиги болбойт, бирок ошол эле кезде башкарууга көп каражатты да сарптабайт. Министрликтерде болсо практикалык мүнөздөгү милдеттери анчалык көп эмес – инфраструктурага жана кызмат көрсөтүүгө байланышкан физикалык маселелердин көбүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз алдынча чечет. Мамлекет өз ресурстарын ири инфраструктуралык стратегиялык долбоорлорго багыттайт, билим берүүгө көп каражат жумшайт. Айталы, билим берүү жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларынын олуттуу бөлүгүн түзөт, ошону менен бирге бул чыгашалардын жарымына субсидияны мамлекет берет. Эгерде Кыргызстан менен салыштыра турган болсок, Польшада категориялык гранттар болушунча иштейт. Алардын бизден айырмасы – өлкөдө жан башына каржылоо принциби так сакталат, ал эми ЖӨБ органдары мектептерди жана мектепке чейинки мекемелерди башкарууга таасирин тийгизе алат. Мисалы, мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин директорлорун ЖӨБ органдары ачык сынактын алкагында дайындашат.

Польшанын муниципалитеттери функциялардын төрт негизги топторун аткарат. Биринчиси жана негизгиси – мейкиндикти башкаруу. Кыргызстандык делегациянын катышуучулары окшоштуруп көрүүгө аракеттеништи, бирок башкы пландан жакшы эч нерсе ойлоп таба алышкан жок. Поляктар болсо мейкиндик башкаруу дегенде дагы да кеңири процесстерди түшүнөт. Эгерде жөнөкөйлөштүрүп айта турган болсок, бул көбүрөөк өнүктүрүү стратегиясынын башкы план менен айкалышуусуна окшошуп кетет. Башкача айтканда, мейкиндикти башкарууга муниципалитетти өнүктүрүүнүн географиялык, демографиялык, архитектуралык, инфраструктуралык, башкаруучулук, маданий, социалдык жана башка көптөгөн аспекттери кирет. Функциялардын экинчи тобу – баштапкы жана жарым-жартылай билим берүү. Анын чыгашасынын 50% жергиликтүү бюджет каржылайт, калган чыгашасын мамлекет көтөрөт. Үчүнчү топ – социалдык коргоо, анын ичинде баштапкы медициналык жардам жана жамааттагы социалдык-аярлуу топтордун өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү. Төртүнчүсү – коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жана инфраструктура.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функцияларын санап берүүдө польшалык саясатчылар биринчи планга өнүгүү жана башкаруу маселелерин коё турганын, ал эми коммуналдык чөйрө – акыркы орунда экенин байкаса болот. Мына ушунда Кыргызстанга салыштырмалуу Польшадагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзүн өзү далдаштыруусунун дагы да жогорку деңгээли сезилип турат. Муну муниципалитеттер жигердүү алектенген иштердин мисалдары ырастап турат. Айталы, шаар башчысы жолдордун ремонтуна жана таштанды чыгарууга башын оорутпайт – бул маселелердин баары чечилген. Мэр калктын санынын өсүшүнө байланыштуу билим берүү үчүн базаны кеңейтүү программасын ишке ашыруу максатында 15 миллион еврого муниципалдык облигацияларды чыгаруу менен алектенет. Муну ишке ашырса, бала бакчаларда орундар көбөйөт, эки жаңы бала бакчанын курулушу башталат. Мэр стадиондун, же темир жол вокзалынын курулушу менен алектенет.

## ААР тополоңго чыдабайт жана 30 жылга созулат

Кыргызстандан барган коноктор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үч деңгээли өтө көп деген пикирде калышты. Польшанын саясатчылары гминаларды ирилештирүү аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну повяттар деңгээлинде топтоштурса болот деп, жалпысынан кыргызстандыктардын божомолуна макул болушту. Анткен менен муниципалитеттерди ирилештирүү процесси – бул өтө татаал, узак мөөнөттү талап кылган жана сезимтал маселе. Мында чечим кабыл алууда эч шашпаш керек. Бул административдик-аймактык реформаны чукул арада жүргүзүү менен бардык көйгөйлөрдү чечсе болот деген куру кыял менен жашап келаткан кыргызстандык реформаторлор үчүн дагы бир сабак. Анткен менен Ежи СТЕМПИЕНдин баамында, 10-15 жылдан кийин Польшадагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу повяттардын (райондордун) деңгээлинде иштеп калат. 1998-жылы көптөр аларды ЖӨБнын “ашыкбаш”

деңгээли деп эсептегенин кошумчалай кетели. Ошентип Польшадагы административдик-аймактык реформа болжол менен 30 жылга созулган болот (Латвияда ушул өңдүү реформа 20 жылга созулган жана 20 миллиард долларга ишке ашкан. "Муниципалитет" журналынын 2014-жылдын март айындагы чыгарылышын окуңуз).

## ЖӨБ башчыларын түз шайлоо: мүмкүнчүлүктөр жана чакырыктар

Польшанын жарандардын түз добуш берүүсү менен шайланган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери чындап эле көз карандысыз. Бул көз карандысыздык алардын иштеринде, жүрүм-турумунда, калк жана жергиликтүү кеңештер менен өз ара мамилелеринде байкалып турат. Ошондой эле мамлекеттик аткаминерлердин, атүгүл эксперттердин да тынчсыздануусун жаратып келет.

Польшанын мэрлеринин жана войтторунун эркиндиги тууралуу Ежи СТЕМПИЕНЬ буларды айтты: "Түз шайлоолорду саясатчылар жана журналисттер жакшы көрөт. Бирок башкаруунун отчеттуулугу жагынан алып караганда бул дайыма эле жакшы эмес. Польшадагы түз шайлоолор жергиликтүү кеңештерди бир топ начарлатты, мэрлер жана войттор эч кимге баш ийбеген "бийлерге" айланып калышты".

ЖӨБ органдарынын жетекчилери өз кызмат орундарын 15-20 жыл бою ээлеп, үч-төрт мөөнөткө шайланат. Бул убакыт аралыгында алар башкаруу системасында "тамыр жайып" калышат. Мунун оң да, терс да жактары бар. Албетте шаарда 15-20 жыл бою иштеп келаткан мэр анын өзгөчөлүктөрүн баарынан мыкты билет, өнүгүүнүн туруктуулугун кепилдейт. Бирок экинчи жагынан алып караганда, ал адамда өз кызматына карата менчик сезими пайда болот, күмөндүү жана коммерциялык мамилелерди табышы мүмкүн. Мындай мэрди шайлоодо жеңип алуу – өтө татаал иш. Жаңы талапкер өз шайлоочусуна эски мэрден мыкты экенин далилдеп бериш керек. Эгерде шайлоочуну мэриянын иши канааттандырса, анда аны жеңип алуу дээрлик мүмкүн эмес. Ошондуктан мындай "тамыр жайып" калган мэрди кызматтан алуунун жалгыз реалдуу ыкмасы – жаңжал үчүн себеп табуу жана референдум өткөрүү.

Польшада баары болуп жыл сайын муниципалдык деңгээлде 100гө жакын референдум өткөрүлөт жана элдик добушка чыгарылган суроолордун 90 пайызы ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин отставкасына тиешелүү. Добуш берүү предметинин 10 пайызын гана "маңызына жараша суроолор" түзөт: эмнени куруш керек? кошуна гмина менен биригүү керекпи же жокпу? Бул жакшыбы же жаманбы – айтуу кыйын. Балким Польшанын эксперттери референдум саясий күрөштүн куралы катары кызмат кылышы мүмкүн дегенге жалпысынан кошулат чыгар.



Бул процессте маанилүү ролду массалык маалымат каражаттары ойнойт. Акыркы төрт жылда ММК бери дегенде 5 жолу муниципалдык лидерлер жасаган кыянат иштердин жана коррупциянын жүзүн ачышкан. Жаңжалдардын натыйжасында тийиштүү жетекчилер кызматынан ажыраган жана жазага тартылган.

Түзүлгөн кырдаалга байланыштуу мыйзам чыгаруу демилгесине ээ болгон Польшанын президенти муниципалдык жетекчи өз кызматын ээлей турган мөөнөттөрдүн санын чектөөнү сунуштап жатат. Жетекчинин эки мөөнөттөн ашык шайлануусуна тыюу салуу, бирок ошону менен бирге 6 жылга чейин (төрт жылдын ордуна) шайлоо сунушталууда. Ушул мөөнөт мэрге же войтко өнүктүрүү программасын аткарып, муниципалдык саясатты өткөрүп берүүнү камсыздоо мүмкүнчүлүгүн бермек.

Анткен менен эч ким түз шайлоолорду алып салуу мүмкүнчүлүгүн караштырууну сунуштабайт. Бул туруктуу, ыйык демократиялык жетишкендик, жарандын муниципалитеттеги бийликти кимге ишенип берүүнү чече турган эч ким тартып алгыс укугу катары эсептелет. Анын ордуна ошол эле президент жетекчилердин жарандар алдындагы отчеттуулук механизмдерин жергиликтүү өз алдынча башкарууда өнүктүрүү жана кеңейтүү маселеси менен алек. Ошону менен бирге Бронислав КОМОРОВСКИЙ күчтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин үстүнөн жамааттын чабал көзөмөлү Польша үчүн эң актуалдуу маселе деп эсептейт. Ошондуктан Польшанын президенти муниципалитеттердин саясий турмушундагы референдумдардын ролун күчтөндүрүүнү ЖӨБга карата өзүнүн саясатынын артыкчылыктуу маселеси деп тандап алды. Анын үстүнө референдумдун жыйынтыктары катышкандардын санына карабастан таанылышы идеянын өзөгүн түзөт. Мындай чара жамааттагы атүгүл чакан топторго да жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясатына таасир этүү мүмкүнчүлүгүн бермек.

Ошентсе да Польшада муниципалдык саясатчынын көз карандысыз, саясий жактан күчтүү фигура болушунун көп оң жактары бар. Бул кызмат муниципалдык башкарууга сейрек учурай турган адамдарды жана жакшы менеджерлерди тартып турат. Бул тууралуу Легионово шаарынын мэри мындай пикирде: "Эгерде мен өз айланамдагы жашоону чындап өзгөртүүнү кааласам анда шаарда иштейм.

Башкаруу деңгээли канчалык жогору болсо, ошончолук абстракциясы да көп болот. Мен жергиликтүү өз алдынча башкарууну тандадым. Бирок Легионовонун ар бир тургуну референдум уюштуруп, мени кызматтан алып коё турганын унутпайм".

## Польшада ЖӨБнын ишинин үстүнөн көзөмөл мыйзам бузуу үчүн куугунтуктоого эмес, аны алдын алууга багытталган

Польшада ЖӨБ органдарынын ишинин жана кабыл алган чечимдеринин үстүнөн мамлекеттин көзөмөлү укуктук мүнөзгө гана ээ. Округ башчысы – чакан аппаратка ээ болгон, өкмөт дайындаган аткаминер – ЖӨБ органдарынын чечимдери мыйзамдарга шайкеш кабыл алындыбы же жокпу дегенди текшерип, мыйзамсыз чечимдерди жокко чыгаруу укугуна ээ. Бирок мэрлердин жана войттордун пикиринче, мындай учур чанда гана кездешет. Анткени ЖӨБ органдары юридикалык потенциалга ээ жана мыйзамсыз чечимдердин кабыл алынышына дээрлик жол беришпейт. Ошону менен бирге округ башчысы дүйшөмбү күндөрү ЖӨБ башчыларын чогултпайт, эч кандай көрсөтмө бербейт жана сөгүш жарыялабайт. Ал жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды көзөмөлдөө боюнча өз милдетин ийгиликтүү аткаруу менен жада калса жылдап деле муниципалдык лидерлер менен жолугушпай жүрө алат.

Легионово шаарынын мэри мамлекеттин көзөмөлү бир кыйла "жакын жана олуттуу" деп эсептейт. Бирок ал текшерүү өңдүү кырдаалды башынан өткөргөн эмес экен: "Биз Варшавага жакын жерде орун алганбыз, мамлекет тарабынан көзөмөлдү сезип эле турабыз. Бирок мунун баары мыйзамдардын, анын ичинде көзөмөл принциптери тууралуу мыйзамдардын алкагында гана сезилет. Ошентсе да биз үчүн көзөмөлдүн негизги аспабы – бул өзүбүздү өзүбүз көзөмөлдөгөнүбүз. ЖӨБ органынын структурасында ички аудит, ички көзөмөл тобу, тобокелчиликтерди баалоо системасы бар. Анын үстүнө биздин карызга батып калбашыбызга Эсептөө палатасы да көз салып турат. Ал эми иш тууралуу отчеттор[1] жөнүндө айта турган болсом, биз жергиликтүү кеңештеге гана отчет беребиз. Эч кандай мамлекеттик органдарга отчет жибербейбиз".

Польшада мамлекет тарабынан көзөмөл системасы мыйзамдарды же финансылык тартипти бузууну болтурбай тургандай түзүлгөнүн белгилей кетүү керек. Бул канчалык эрте болсо ошончолук жакшы. Эч ким эч кимден кылмыштардын санын келтирген көрсөткүчтөрдү талап кылбайт. Коррупциялык кылмыш же финансылык тартип бузуу – бул чоң жаңжал жана бул үчүн муниципалдык аткаминерлер жана саясатчылар менен кошо ошону алдын албаган мамлекет тарабынан дайындалган көзөмөлдөөчү органдардын өкүлдөрү жоопко тартылат.

Эмесе биз Польшадагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсү тууралуу байкоолорубуз менен бөлүштүк жана бул маалымат сиз үчүн пайдалуу болот деп ишенебиз. Анткен менен бул макалада биз жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусунун аспекттерине токтолгон жокпуз. Бул темага журналдын 2015-жылдын февраль айында жарык көрө турган санында кайрылып, өзүнчө макалада айтып беребиз.

Польшанын жарандарынын жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусуна токтоло турган болсок, бул ЖӨБ жетекчилерин түз шайлоо, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жана муниципалдык жетекчилерди чакыртып алуу үчүн референдумдардын кеңири колдонулушу аркылуу бир топ натыйжалуу камсыздалып жатат деген тыянакка келсе болот. Кыргыз Республикасында ЖӨБ органынын жетекчисин шайлоо ыкмасы тууралуу маселе күн тартибинде тургганын, атүгүл өкмөттүк программага да камтылганын эсепке алуу менен, кыргызстандык саясатчылар түз шайлоо менен референдумдарды жайылтуу ортосундагы тең салмактуулукту изилдеп, ошондой эле Польшадагы ЖӨБ системасы башынан өткөрүп жаткан сабактарды жана тынчсызданууларды болтурбоо үчүн шайлануучу жетекчилердин иш мөөнөтүн чектөө тууралуу маселени карап чыкса болоор эле деп айткыбыз келет.

[1] Кыргызстандык делегация катышуучуларынын "мэрия өкмөт алдында канча жолу отчет берет" деген суроосуна жооп катары.

*МААЛЫМАТ ҮЧҮН*

### Польшанын жергиликтүү өз алдынча башкаруусундагы маяна[1]

- **Калкы 54 миң кишиден турган шаардын мэри айына 2000 евро алат.**
- **Ошол эле шаардын муниципалдык кызматчысы айына 500 евро алат.**
- **Элеттик гминалардагы жергиликтүү кеңештердин депутаттары жылына болжол менен 2000 евро алат. Буга кошумча депутаттык ишине байланышкан административдик чыгашалар төлөнүп берилет. Баары болуп 50 миң депутатка польшанын жергиликтүү бюджеттери жылына жарым миллиард злотый, же 120 миллион евро сарптайт.**
- **Калкынын саны 5200гө жеткен элеттик гминанын войту (башчысы) айына 1000 евронун тегерегинде айлык алат.**
- **Диплому бар мугалим (Кыргызстанда – жогорку категориядагы педагог) айына 1000 евро алат.**

1 Маяна Польшадагы ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн 2014-жылдын декабрындагы сөзү менен келтирилди. Ал маалда 1 евро болжол менен төрт злотыйга тең болчу. Польшада маяна улуттук валюта – злотый менен төлөнөт.

# Жерлерди башкаруу: көйгөйлөр кайсы “фронттордо” орун алды?

**Венера БОЛТОБАЕВА,** ӨСИ консультанты
**Бакыт АЙТКУЛОВ,** ӨСИнин ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси

**2014-жылдын декабрында ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана адистери менен (109 айылдык аймактан 221 катышуучу) жерлерди башкаруу көйгөйүн жана аларды чечүү жолдорун талкуулады. Талкуу өтө курч болду, бул болсо жерлерди башкарууда жылдар бою чечилбей келаткан көйгөйлөр көп болгонунан, бул жаңжалдарга жана социалдык чыңалууга алып барып, айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүн азайтып, жалпысынан муниципалитеттердин өнүгүүсүнө жана жарандардын жашоо шартына терс таасирин тийгизип жатканын кайрадан тастыктады.**

**“Муниципалитет” журналы ЖӨБ органдарынын жетекчилери семинарларда айткан көптөгөн тынчсыздануулардын жана башынан өткөрүп жаткан кыйынчылыктарды жалпылаштырып, өкмөткө жерлерди башкаруу чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүү боюнча комплекстик программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу өтүнүчү менен кайрылат.**

Талкуу төмөнкүдөй маселелерди камтыган семинардын алкагында жүрдү:

- ЖӨБ органдарынын жерге байланыштуу укуктук мамилелер жаатындагы компетенциялары;
- калктуу конуштардагы жерлер: жол-жоболор, көйгөйлөр жана укук колдонуу практикасы, эффективдүү бизнес-процесстерин куруу;
- жерлерди трансформациялоо: жол-жоболор, көйгөйлөр жана укук колдонуу практикасы, эффективдүү бизнес-процесстерин куруу;
- Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун жерлери: жол-жоболор, көйгөйлөр жана укук колдонуу практикасы, эффективдүү бизнес-процесстерин куруу.

Жер ресурстарын башкарууда кырдаалга жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, көйгөйлөр көп эле жана аларды терең баамдалган мамлекеттик жана муниципалдык саясаттын алкагында чечүү зарыл. Практика ырастагандай, ЖӨБ тараптан жер ресурстарын эффективдүү башкаруу жарандардын укуктарын ишке ашырууга, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн арттырууга, социалдык маселелерди чечүүгө, жерге байланыштуу чатактарды болтурбоого, айыл өкмөтүнүн жарандык коом менен өз ара мамилесин жакшыртууга жана жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкарууга ишенимди арттырууга салым кошмок. Бирок жакшы практика бардык жерде иштеп кетиши үчүн мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу тараптан аракеттин болушу зарыл.

## Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун жерлерин башкаруу чөйрөсүндөгү көйгөйлөр

Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун жерлерин башкарууда көптөгөн элеттик муниципалитеттер Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун (мындан ары – АЖМФ) жерлерин колдонуунун Келечектүү планын иштеп чыгуу, жерпландоо зоналарын аныктоо, аукциондорду жана инвестициялык конкурстарды өткөрүү, баштапкы ижара акысын аныктоо өңдүү кыйынчылыктарга туш болушат. Айталы, КР Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген АЖМФ жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жободо баштапкы ижара акысын аныктоонун так механизми көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан айыл өкмөттүн адистери жана жер комиссиясынын мүчөлөрү аукцион өткөрүү үчүн АЖМФ жер участокторуна баштапкы ижара акысын аныктоодо кыйынчылыкка туш болушат.

Сугарылуучу айдоо жерлери суунун жоктугунан иштетилбей келет. Ошондуктан ирригациялык жана дренаж системаларын калыбына келтирүүдө ыйгарым укуктуу орган – Айыл чарба министрлиги тараптан жардам зарыл.

Иш жүзүндө ЖӨБ органдары АЖМФнын бузулган жер участокторуна көп учурда конкурс өткөрө албай келишет. Адамдарды тартпаганы жана аларга эч ким кызыкпаганы үчүн бул жер участоктору иштетилбеген бойдон кала берүүдө. Жеринде кызыкдар адамдардын (инвесторлордун) жоктугуна байланыштуу конкурстарды өткөрүү да түйшүк жаратууда. Инвестициялык конкурстарды өткөрүү боюнча ченем да мындай учурларда иштебейт. Ошондуктан АЖМФнын бузулган жер участокторун башкаруунун жаңы механизмдерин жайылтуу талап кылынат.

## Калктуу конуштардын жерлерин башкаруу жаатындагы көйгөйлөр

Муниципалдык башкаруу органдарында калктуу конуштардын жерлеринин башкы планын даярдоо жана бекитүү маселесин өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү жана финансы ресурстары болбогондуктан көпчүлүк айыл өкмөттөрү калктуу конуштардын жерлерин башкарууда кыйналышат. Мисалы, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы 129 айыл өкмөттүн ичинен бир гана муниципалитет элеттик калктуу конуштун Башкы планын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн каражат таба алды. Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 1-беренесинин 2-2-пунктунда көрсөтүлгөн аныктамага ылайык, “башкы план - шаардык жана айылдык калктуу конуштардын аймактарын өнүктүрүүнү келечектүү шаар куруу багытында пландоо жөнүндө шаар куруу документтери болуп эсептелет”.

Жер кодексинин 18-беренесинин 3-пунктунда “айылдык кеңеш жергиликтүү жамааттын пикирин эске алуу менен райондун административдик-аймактык түзүлүшү боюнча сунуштарды карайт, айылдык аймактын элеттик калктуу конуштарынын курулуш куруу долбоорлорунун башкы планын бекитет”.

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 77-беренесиндеги жобого ылайык, “калктуу конуштардын жерлери шаар куруу документтерине жана үй куруу жана жерди пайдалануу эрежелерине ылайык пайдаланылат жана калктуу конуштардын башкы пландары өнөр жайы, турак жай жана башка курулуш, калк эс алуучу жайларды көрктөндүрүү жана жайгаштыруу үчүн калктуу конуштардын жерлерин пайдалануунун негизги багыттарын аныктайт”.

Анткен менен практикада муниципалитеттер жер участокторун калктуу конуштардын чек арасында курулуш куруу үчүн берет. Мунун натыйжасында калктуу конуштардын жер участокторун берүү боюнча жер мыйзамдарындагы ченемдер сакталбай келет.

Көпчүлүк айыл өкмөттөрүндө шаар куруу документтери жок болгондуктан калктуу конуштардагы жарандарга жана юридикалык жактарга менчикке же колдонууга берилген жер участокторун тандоо жана бөлүп берүү иштери негиздүүлүгү жана мыйзамдуулугу жагынан алып караганда күмөн туудурат. Бул болсо жерге байланыштуу көптөгөн чатактардын пайда болушуна алып келет.

Калктуу конуштардын башкы планынын долбоорун даярдоо маселесин чечүүгө жарандардын укуктарынын кепили жана коргоочусу катары мамлекет кызыкдар болуш керек. Ошону менен бирге маселени иш жүзүндө эл аралык уюмдардын жана финансылык институттардын техникалык колдоосу менен өкмөттүк деңгээлде гана чечүүгө мүмкүн.

## Муниципалдык менчикте турган объекттерди башкаруудагы көйгөйлөр

Муниципалитеттер күнүмдүк турмушта дуушар болуп жаткан көйгөйлөрдүн бири – жаңы конуштардагы, башкача айтканда буга чейин айыл чарба багытындагы жерлерден калктуу конуштардын жерлерине трансформацияланган жерлерде инфраструктуранын жоктугу.

Көйгөй мыйзамдык деңгээлде анык тескөөнүн жана финансы ресурстарынын жетишсиздигинен улам пайда болууда. Мыйзамдык деңгээлде мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу жана жоопкерчилиги, инфраструктура объекттери (электр линиялары, ЛЭП, социалдык объекттердин курулушу: бейтапканалар, мектептер, бала бакчалар жана башкалар).

Айыл өкмөттүн өкүлдөрү мыйзам менен белгиленген тартипте муниципалдык менчикте турган объекттерге каттоо жүргүзүү, аларга укук орнотуучу жана укуктарын тастыктоочу документтерди алуу мүмкүн эместигин белгилешет. Мисалы, финансы ресурстарынын жоктугу муниципалдык жерлерге каттоо жүргүзүүгө жол бербей жатат.

Бул маселени чечиш үчүн муниципалитеттер муниципалдык менчикти коргоого кызыкдар болуш керек. Мындан улам каржылоо маселесин чечиш үчүн муниципалитеттер башка айыл өкмөттөрүндө түзүлгөн мыкты практиканы колдоно алмак. Мисалы, Беловодск айыл өкмөтү муниципалитеттин аймагында орун алган бардык объекттерди каттоодон өткөрүү үчүн зарыл болгон акчаны бир заматта таба албагандыктан кыймылсыз мүлк объекттерине каттоону баскыч-баскычы менен, бөлүп-бөлүп өткөрүүдө. Тийиштүү жергиликтүү бюджетти түзүүдө алар муниципалдык менчикте турган объекттерге каттоо жүргүзүү үчүн зарыл сумманы караштырып турат.

Жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү жана каттоо жүргүзүү жерлерди эффективдүү башка-

руунун эсебинен жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө каражаттардын түшүүсүн арттырып, чатактарды болтурбай, муниципалитеттердин укуктарын коргоого жардам берет.

## Жерлерди трансформациялоодо көйгөйлөр

Көпчүлүк айыл өкмөттөрү жеке турак жай курулушу үчүн жер алууга жарандардан арыздар көбөйүп жатканын белгилешет. Ошондуктан айыл өкмөттөрү башка категориядагы жерлерди калктуу конуштардын жерлерине трансформациялоо маселесин демилгелеп келатышат. Жерлерди трансформациялоо боюнча мыйзамдардагы ченемдерге ылайык, айыл өкмөттүн жана айылдык кеңештердин өкүлдөрү жерлерди которуу боюнча зарыл болгон документтерди даярдашат, аларды КР Өкмөтүнө караштуу Республикалык комиссияга жиберишет. Документтер бир нече жолу жиберилсе да өтүнүчкө жооп убагында келбеген учурлар да катталууда. КР Өкмөтүнө караштуу Республикалык комиссия үчүн мыйзамдарда трансформациялоого уруксат берүү же андан баш тартуу үчүн жүйөлөр, өтүнүчтөрдү кароо мөөнөттөрү белгиленген эмес, аталган комиссиянын иш Регламенти кабыл алынган эмес.

## Жер ресурстарын башкаруу жаатындагы башка көйгөйлөр

Токой чарбалыгынын карамагына кирген, жер участоктору менен чектелген жайыттардын чек арасын аныктоо жана бекитүү көйгөй бойдон калып келүүдө.

Айыл өкмөттөрүнүн көпчүлүк өкүлдөрү жергиликтүү деңгээлде көз карандысыз баалоочулардын жана аукционисттердин жоктугуна даттанышат.

Айыл өкмөтүн текшерүүлөрдүн саны көбөйгөн тенденция да байкалууда. Айталы, айыл өкмөт башчылары “жер участокторун ижарага бергенден кийин текшерүүлөр көбөйөт. Айыл өкмөтүнө иштөөгө мүмкүнчүлүк беришпейт” деп белгилешет.

Бардык жерде колдонулуучу пайдалуу кендерди – көмүр, чопо, гравийди – казып алууга жерлерди бөлүп берүү айыл өкмөтүндө кыйынчылыкты жаратууда. Жарандарга тийиштүү уруксаттарды алуу кыйын болгондуктан ошондой жерлер адатта иштетилбеген бойдон кала берүүдө.

Документтерди туура толтурууу жөндөмдүүлүгүнө болгон ишенимдин жоктугу да буга чейин өздөштүрүүгө убактылуу берилген аз өнүмдүү айыл чарба жерлерин менчикке өз убагында өткөрүп берүүгө бут тосуп жатат. Аз өнүмдүү жерлерди айыл чарба максаттарында иштетүү шарты менен колдонууга өткөрүп берүү – айдоо жерлеринин жетишсиздиги маселесин жөнгө салууда жакшы чечим. Жерлердин күрдүүлүгүн калыбына келтирүүгө байланышкан бардык иш-чараларды аткаргандан кийин план боюнча, бул жерлер колдонуучунун менчигине өтүш керек. Анткен менен ЖӨБ органдарынын дээрлик бардык жетекчилери менчик укугун тариздөөдөн коопонуп турушат. Анткени буга чейин бул жол-жоболорду аткарып көрүшкөн эмес, аны туура эмес аткарып аламбы, же аткаралбай каламбы деп коркушат жана тартип коргоо органдары тарабынан коюлушу мүмкүн дооматтардан оолак болгусу келет.

Айыл өкмөтү ушул маселени чечүүдө чукул жардамга муктаж. Чүй облусунда ар бир алтынчы гектар, Чүй облусунун Панфилов районунда ар бир экинчи гектар, Жайыл районунда ар бир үчүнчү гектар “аз өнүмдүү жерлер” категориясына кирет. Бул болсо ошол аянттарда түшүмдүүлүк 10-80% азайды дегенди түшүндүрөт. Эми республика боюнча канчалык көлөмдөгү айыл чарба продукциясы алынбай калып жатканын элестетүү кыйын деле эмес.

## Корутунду сөз

Жер ресурстарын башкаруу жаатындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көйгөйлөрүнө жасалган анализ мындай маселелерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер участогуна укук берүү жана токтотуу боюнча ченемдик актыларды (токтомдорду, чечимдерди ж.б.) кабыл алуусу өңдүү маселе алдыңкы орунда турганын ырастайт.

ЖӨБ органдары алар чыгарып жаткан актылар мыйзамдарга шайкеш келишине, ошону менен бирге жер участокторуна укуктарды берүүнүн, өткөрүп берүүнүн жана токтотуунун эрежелери жана жол-жоболору сакталышына; үчүнчү жактардын укуктары жана кызыкчылыктары бузулбашына аракеттенишет. Анткен менен алар бул үчүн зарыл болгон жетиштүү билимге жана тажрыйбага ээ эмес. Ошондуктан же чечим кабыл алууда тайсалдап турушат, же тартип коргоо органдары алардын артынан түшүүсүнө дуушар болушат.

Бул макаланын авторлору мындан ары мамлекеттик жерлерди, муниципалдык менчикте болгон жерлерди башкаруу жана колдонуу боюнча натыйжалуу чараларды жайылтуу жана жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүү максатында ченем чыгаруучулук ишин өнүктүрүп, мыйзамдар өркүндөтүүгө, ошондой эле жеке жер колдонуучулукту өнүктүрүү үчүн укуктук жөнгө салууну жакшыртууга жүргүзүлгөн анализ жардам берет деп ишенишет.

Маанилүү тыянак – негизги көйгөйлөр жердин алгачкы базарында башталат. Б.а., менчик ээсинен же коомдук бийликтин башкаруучу органынан пайда болот. Формалдуу түрдө бардык көйгөйлөр акт кабыл алууда жер мыйзамдарынын нормаларын жана эрежелерин туура эмес чечмелөөдөн же колдонуудан; жергиликтүү өз алдынча башкаруу ыйгарым укуктарынан аша чаап, же кабыл алуу тартибин жана жол-жобосун бузуу менен акт чыгаргандан башталат. M



*Айдоо жерлерди сугаруу ыкмалары. Кыргыздардын сууну жогору алып чыгуучу машинасы. Туркестандык альбом, өндүрүш-устачылык жана кесипчилик бөлүмү, 1872-жыл, 3-бөлүм, 31-бет, 149-номур. Түзүүчүлөр Н.В.Богаевский, А.Л.Кун*

# Жерлерди башкаруудан кирешени ар бир жетинчи гана муниципалитет алат

**Руслан ДЖАЛИЛОВ,** ӨСИ эксперти
**Тынчтык ТОЛОМУШОВ,** ӨСИ эксперти

Демократияны колдоо боюнча Улуттук фонд, Өнүктүрүү саясат институту Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик менен биргелешип каржылаган "Муниципалдык менчикти башкарууну жолго салуу аркылуу Кыргызстандын элеттик муниципалитеттеринин ачык-айкындуулугуна жана жоопкерчилигине көмөктөшүү" Долбоорунун алкагында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын айылдык аймактарында сурамжылоо жүргүзүлдү. Алдын ала иштелип чыккан анкетада муниципалдык менчикти башкаруунун өзөктүк аспекттери боюнча 30 суроо камтылган. Муниципалитеттерден маалымат акыркы үч жыл – 2011-жылдан 2013-жылга чейин суратып алынды. Анкета 26 элеттик муниципалитет арасында таратылып, 22 айылдык аймактан жооп алынды. Ошого карабастан алынган маалымат муниципалдык менчикти башкаруу абалына биринчи анализ жүргүзүүгө жардам берет.

Сурамжылоого катышкан 22 ААнын 16сында муниципалдык менчик объекттерине каттоо жүргүзүлгөн, алардын бешөөндө каттоо жарымжартылай жүргүзүлгөн.

Муниципалдык менчиктеги объекттердин реестри 9 ААда бар, 8 ААда реестр толук эмес. 13 ААда реестр маалымат тактасына илинген. Бир жагынан муниципалдык менчикти башкаруу жаатында билимдин жоктугу, экинчи жагынан кызматкерлердин иши ансыз да көп болгонунан жана каржылоонун жоктугунан улам реестрге жана муниципалдык менчикти инвентаризациялоого байланышкан иштер ушундай абалда турат.

Айылдык аймактардын жарымында финансы каражаттарынын жана ошол объекттердин техникалык документтердин жоктугунан улам муниципалдык менчиктеги объекттерге укуктарды мамлекеттик каттоо жүргүзүлбөй калган. Социалдык объекттер негизинен 2000-жылдын башында системалык акысыз мамлекеттик каттоо жүргүзүлүп

жаткан маалда катталып калыш керек болчу. АА кызматкерлери бул суроого кылдат көңүл бурбай калып, анкетада терс жооп берип койгон болуш керек деп божомолдосок болот.

Дээрлик бардык ААда муниципалдык жерлерди жана объекттерди менчиктештирүү программасы, же муниципалдык жерлерди башкаруу стратегиясы жок.

*Состояние управления муниципальной собственностью (МС) в 22 АА*

| Параметрлер | АА | % |
|---|---|---|
| ММ объекттери каттоого алынды | 14 | 63 |
| ММ объекттеринин реестри бар | 9 | 40 |
| ММ реестри жарыяланды | 13 | 59 |
| ММ мамлекеттик каттоодон өткөрүлдү | 14 | 63 |
| ММны башкаруу боюнча жергиликтүү ченемдик укуктук актылар бар | 8 | 36 |
| Милдеттүү конкурстук жол-жоболор бар | 14 | 63 |
| Жазуу жүзүндөгү келишимдер түзүлдү | 10 | 45 |
| Жер реестри бар | 7 | 31 |
| Жерге тооруктар өткөрүлдү | 14 | 63 |
| Жерден киреше түшөт | 4 | 15 |

***АА муниципалдык менчик чөйрөсүндөгү мыйзамдар маселесинде артта калууда. Муну жергиликтүү ченемдик укуктук актылар менен иш алып баруудагы тартип бузуулар, муниципалдык менчиктеги объекттерди берүүдө тооруктардын жол-жоболорун, муниципалдык менчик тууралуу маалыматты жарыялоо тууралуу талаптарды четке кагуу ж.б. ырастап келет. Айталы, сурамжылоого катышкан ААнын жарымы гана муниципалдык менчикти башкаруу боюнча жергиликтүү ченемдик укуктук актыга ээ, жерлерди берүү боюнча тооруктарды өткөрөт жана муниципалдык менчиктин колдонуучулары/ижарага алуучулар менен жазуу түрүндө келишимдерди түзөт. Калгандары болсо кандай болсо, ошондой иштей берет.***

***АА Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун (мындан ары – АЖМФ) жерлери менен муниципалдык жерлер ортосундагы айырманы көп жакшы түшүнө беришпейт. ААнын аракеттери АЖМФ жерлери менен иш алып барууга бурулган. Жерлердин калган түрлөрү көңүл сыртында калып, жергиликтүү бюджетке киреше алып келбеген өтүмсүз товар болуп калып кетүүдө.***

2013-жылы ӨСИ ИПР ушул өңдүү сурамжылоону шаарлар арасында жүргүзгөн эле. 2013-жылдагы сурамжылоонун жыйынтыктарына таянып, муниципалдык менчикти башкарууда шаарларга салыштырмалуу менчиктин көлөмү аз болгонуна карабастан элеттик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шаардык муниципалитеттерден бир топ артта калып жатканын айтсак болот.

- Муниципалитеттер КР мыйзамдары талап кылгандай, муниципалдык менчикти башкаруу тууралуу, мисалы, муниципалдык менчик реестрине карата маалыматты жарыялоого ашыгышпайт.
- Алынган реестрлерге жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, Муниципалдык менчик объекттерин эсепке алууну жүргүзүү тууралуу Типтүү жобого киргизилген реестрлер форматын дээрлик эч бир муниципалитет сактабайт. Бул типтүү жобо КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген жана милдеттүү түрдө аткарылыш керек деп эсептелет.
- Сурамжылоого катышкан 22 ААнын сегизи гана муниципалдык менчикти берүүнү жөнгө салган жергиликтүү ченемдик укуктук актысы бар болгонун айткан. Б.а., ААнын жарымынан көбүндө муниципалдык менчик объекттерин сатууда же ижарага берүүдө так белгиленген “оюн эрежелери” жокко эсе.
- Муниципалдык менчик объекттерин конкурс өткөрбөстөн, түз берүү мурдагыдай эле ЖӨБ органдарында кеңири колдонулуп келет. Бул болсо ушул жол-жоболордун коррупцияланышына жол ачат. Сурамжылоого катышкан ААнын 22% гана муниципалдык менчиктеги объекттерди конкурс менен берет.
- Болгону 4 АА гана муниципалдык жерлерди сатуудан жана ижарага берүүдө кандайдыр бир киреше ала турганын көрсөткөн. Дээрлик бардык ААнын аймактарында муниципалдык жерлерде орун алган жолдордун жээгинде коммерциялык күркөлөр бар. Жерден түшкөн киреше тууралуу маалыматтардын жоктугу эки фактыны көрсөтөт: муниципалитет ошол кирешелерди жашырууда, же күркөлөрдүн ээлери менчик ээсине кабарлабастан эле жерлерди колдонууда. Мына ушул жерден териштирүү керек.
- АА объекттерди берүүдө өз укуктарын коргоо үчүн жазуу түрүндөгү келишимдерди жигердүү колдонуп келет. Бирок баарына эмес. Келишимдердин саны менен катталган муниципалдык менчик объекттеринин санына жасалган салыштырмалуу анализ экөөнүн ортосунда олуттуу айырма болгонун көрсөттү.

M



# Ивановка айыл өкмөтү муниципалдык объекттерге жана жер участокторуна каттоо жүргүзүүгө киришти

2014-жылдын соңунда Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Ивановка айыл өкмөтүнүн муниципалдык кыймылсыз менчикке каттоо жүргүзүү жана менчик укугун мамлекеттик каттоодон өткөрүү демилгесин колдоого алды.

Муниципалитет муниципалдык жерлерди жана курулуштарды идентификациялоо, аларды муниципалдык менчик объекттеринин реестрине киргизүү, жер участокторун үнөмдүү пайдалануу жана коргоо, муниципалдык менчик объекттерин башкаруудан жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө түшкөн каражатты көбөйтүү максатында бул иш-чаралардын комплексин жүргүзүп жатат.

Ивановка айыл өкмөтүнүн жерлерге жана курулуштарга каттоо жүргүзүү жана муниципалдык менчикке каттоо боюнча иш-чараларын ишке ашыруу үчүн Долбоор, Ивановка айыл өкмөтү жана Жерге орноштуруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча Ысык-Ата райондук башкармалыгынын (мындан ары – Ысык-Ата Мамкаттоосу) ортосунда үч тараптуу кызматташтык тууралуу Макулдашууга кол коюлду. Ал Макулдашууда катышуучулар каттоо жүргүзүү жана каттоо тартибин, тараптардын милдеттенмелерин, иш-чараларды аткаруу мөөнөттөрүн, катталууга тийиш жерлердин жана курулуштардын тизмегин аныктап алышты, кызматташтык тууралуу Макулдашууда жазылган иш-чаралардын аткарылышы үчүн жооптуу болгон Жумушчу топ түзүлдү.

Долбоор тараптан муниципалдык жерлерге каттоо жүргүзүү боюнча мол тажрыйбасы бар эксперт-юристтин кызмат көрсөтүүсү түрүндө техникалык жардам көрсөтүлдү. Ошондой эле Ысык-Ата райондук Мамкаттоонун кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы төлөө максатында жарым-жартылай финансылык колдоо көрсөтүү тууралуу чечим кабыл алынды.

Ушул тапта Ысык-Ата Мамкаттоосу Ивановка айылдык аймагынын территориясында чек араларды аныктоо, макулдашылган Тизмеде көрсөтүлгөн курулуштарды техникалык паспортоштуруу жана объекттерди инструменталдык тасмага тартуу боюнча жигердүү иштерди жүргүзүп жатат.

Муниципалитеттин башчысы Мурат БАЙДЫЛДАЕВ каттоо жүргүзүү зарыл экенин, анткени жер жана башка кыймылсыз мүлк жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо, инвестицияларды тартуу, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачкан муниципалитет үчүн маанилүү ресурс болуп эсептелерин белгиледи.

# Жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча жаңы методикалык колдонмо

**Назира ТЮЛЮНДИЕВА,** ӨСИнин бюджеттер аралык мамилелер боюнча адиси

2015-жылдын 16-январында Эсептөө палатасы Өнүктүрүү саясат институту менен биргеликте жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча болочоктогу методикалык колдонмонун форматын жана түзүмүн талкуулоо боюнча семинар өткөрүштү. Аталган семинарда Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери жергиликтүү бюджеттерге аудит өткөрүүгө карата жаңыча мамилени жана ылайыгына жараша методикалык колдонмонун ыктымал түзүмүн сунушташты.

Жаңыча мамиленин актуалдуулугу – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жүргүзүп жаткан финансылык борборлоштурууну азайтуу саясаты жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процессти түзүүнүн принциптерин бир топ өзгөрттү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалуулугу жана жоопкерчилиги өстү, айрым салыктарды жергиликтүү деңгээлде башкарууга өткөрүп берүү боюнча чаралар көрүлдү, бюджеттик эсептөөнүн аспаптарын өркүндөтүү багытында конкреттүү кадамдар жүзөгө ашырылды.

Жергиликтүү деңгээлге кирешелердин бардык жаңы булактары берилет. Натыйжада жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагында болгон финансылык каражаттардын көлөмү жылдан жылга көбөйөт. Ушул тапта өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо механизмин ишке киргизүү жана каражаттарды андан ары жергиликтүү деңгээлге өткөрүп берүү тууралуу маселе чечилип жатат. Жергиликтүү бюджеттердин көлөмү 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча эле 19 млрд. сомдон ашты. Кыргыз Республикасын Туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында 2013-2017-жылдар мезгилинде бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык туруктуулугун камсыздоо жана жергиликтүү деңгээлде ресурстарды эффективдүү башкаруу артыкчылыктуу тапшырмалар катары аталды. Стратегияда жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин эффективдүүлүгү төмөн бойдон калып жатканы белгиленди.

Жеринде бюджеттик ресурстарды колдонуунун эффективдүүлүгүн арттыруу тапшырмасы тышкы жана ички финансылык аудит менен айкалышкан, жаңы усулдук ыкмаларды жана маалымат технологияларын колдонгон аудит системасын түзүүнү талап кылат. Ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин чөйрөсү бириктирилген бюджетте алардын үлүшү 15% түзгөнүнө карабастан ички аудит менен тартылган эмес.

Мамлекеттик тышкы аудиттин эффективдүүлүк көйгөйлөрү бул жаатта эскирген методикалык иштеп чыгууларды колдонгон үчүн, жергиликтүү бюджетти бюджеттик мекеменин чыгашалар сметасы катары эскичил көз караш менен караган үчүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик процессти жүзөгө ашырылышын регламенттештирген Кыргыз Республикасынын мыйзамдык ченемдеринин кубулуп тургань үчүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз алдынча кабыл алган жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын саны өтө көп болгон үчүн пайда болууда.

Жергиликтүү деңгээлде сапаттуу аудитти жүргүзүүгө даярдык көрүү баскычында колдонуудагы укуктук ченемдердин татаалдыгы же карамакаршылыктуулугу өңдүү факторлордун бар болгонун жана таасирин аныктоо зарылчылыгы, жаңы мыйзамдык актылардын улам-улам кабыл алынып турушу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш чөйрөсүн жөнгө салган колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдүн көп киргизилиши жергиликтүү деңгээлде сапаттуу аудитти жүргүзүү ишин татаалдаштырууда.

Жогоруда аталган бардык кыйынчылыктарды эсепке алуу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин тышкы финансы аудити ушул тапта жергиликтүү бюджеттин каражаттары менен ЖӨБ органдары ишке ашырган чыгаша операцияларды, ошондой эле эсептин туура жүргүзүлгөнүн, бухгалтердик жана бюджеттик отчеттуулукта чагылдырылганын текшерүү менен чектелет. Булар отчеттогу маалыматтардын тууралыгын жана Кыргыз Республикасынын бул багыттагы ченемдик укуктук актыларына шайкештигин аныктоо максатында жасалат. Аудитти жүргүзүүдө көзөмөлгө алынган объекттин финансылык-чарбалык ишин мүнөздөгөн документтер, ошондой эле жергиликтүү бюджеттин каражатын колдонууну чагылдырган алардын финансылык жана башка отчеттору гана текшерилет.

Эсептөө палатасынын финансылык аудит боюнча отчетторунда камтылган жазма эскертүүлөрү жана сунуштамалары негизинен чыгашалардын нормативдеринин сакталышына (мисалы, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн эсептөөдө лимиттердин сакталышы, иш сапар чыгашаларынын көлөмү, тамак-аш нормаларынын аткарылышы ж.б.), айлык акынын ту-

ура которулушуна жана социалдык камсыздандырууга чегерүүлөргө ж.б. тиешелүү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттин киреше бөлүгүн кандай аткарганы жана ылайыгына жараша бюджеттин жоготуулары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 "Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана талаптары тууралуу Типтүү жобо жөнүндө" Токтомунун аткарылышына карата гана текшерилет.

Мындай мамиле бюджеттик системанын бардык деңгээлдеринде бюджеттик процессти жаңыча уюштурууга өтүү ишин кармап турат. Жергиликтүү бюджеттин потенциалдуу мүмкүн болгон жоготууларын аныктоо маселеси дотациядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тийиштүү бюджеттерди толуктоо үчүн киргизилген кирешенин жаңы булактарын өткөрүп берүү шарттарында алар үчүн өзгөчө актуалдуу.

Башка жагынан алып караганда, мындай практика жыйынтыкталган жергиликтүү бюджеттин аткарылышына аудитти жүзөгө ашырууда Эсептөө палатасын кармап турат. Бирок аудиттин мындай түрү мыйзамдар менен Эсептөө палатасынын ишинин негизги түрүнө киргизилген (2004-жылдын 13-августундагы №117 "Эсептөө палатасы жөнүндө" КР Мыйзамынын 7-беренеси). Айрым жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлиндеги бюджеттерге жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө алынган маалымат жыйынтыкталган жергиликтүү бюджеттин гана эмес, ошону менен бирге теңдештирүүчү гранттарды жана берилген каражаттарды эсептөө жаатында республикалык бюджеттин да аткарылышына таасирдүү аудит жүргүзүү жана Финансы министрлиги бюджеттер аралык мамилелер боюнча жүргүзгөн саясат жаатындагы ишине аудит үчүн да колдонулбайт.

Ошентип жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлиндеги бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча методикалык колдонмолордун жоктугу өлкөдөгү бюджеттер аралык мамилелер системасын өнүктүрүүдө Эсептөө палатасынын маанилүү эмес ролун күн мурун белгилеп коюуда. Аны менен катар Эсептөө палатасынын отчеттук документтеринде бюджеттер аралык мамилелерге байланыштуу маселелерди терең талдап, жалпылаштыруу керектиги белгиленет. Эсептөө палатасынын ишиндеги бул багытты активдештирүү актуалдуулугу өлкөдө уланып келаткан бюджеттер аралык мамилелер жаатындагы реформалардын шарттарында күчөдү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жылдык финансы аудитин жүзөгө ашыруу менен, Эсептөө палатасы жеринде кабыл алынган мыйзамдык ченемдик актылардын аткарылышынын жүрүшүнө көз салып, түзөтүп туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ, бийликтин жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеринде алардын аткарылышы (түзөтүү) боюнча сунуштамаларды бере алат. Жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн түзүүдө ченемдик-укуктук актылардын аткарылышына көзөмөл жергиликтүү деңгээлде эффективдүү аудит системасынын маанилүү чынжыры болуп калыш керек. Ал көзөмөл бардык финансы каражаттарын эсепке алууга багытталган жана жүйөлүү башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз түзөт. Ошондой эле өзүнө бюджеттин потенциалдуу жоготууларынын эсебин камтыган бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышына аудитти жана бюджетти аткаруу баскычында ЖӨБ органдары жетишкен натыйжалардын мазмундуу анализи менен кошо бюджеттик каражаттарды чыгымдоого аудитти камтыйт.

Жаңы методикалык көрсөтмөлөрдө бюджет долбоорун иштеп чыгуу, аны кабыл алуу жана аткаруу тартибин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын кайсы ченемдик укуктук актыларын биринчи кезекте көзөмөлдөш керектиги аныкталышы зарыл (ченемдик укуктук актылардын негизги нормаларын келтирүү менен).

Жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгуу баскычына аудитти жүргүзүүгө даярданып жаткан чакта текшерүүчүлөрдө төмөнкү суроолорду изилдеп чыгуу мүмкүнчүлүгү болуш керек:

- аймакты өнүктүрүү программасы (же башка программалык документ) барбы?
- программанын максаттары жана тапшырмалары ЖӨБ жүзөгө ашырган ишиндеги функцияларга шайкеш келеби?
- ЖӨБО белгилеген максаттар жана тапшырмалар зарыл болгон финансылык ресурстар менен камсыздалганбы?
- бюджет долбоорун иштеп чыгуу үчүн колдонулган маалыматтар канчалык ишенимдүү жана анык?
- ушул жылы калктын кирешелери, чекене товар жүгүртүү, көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү, муниципалдык менчик субъекттеринин саны ж.б. боюнча статистикалык маалыматтарды чогултуу иши жолго салынганбы?
- муниципалдык мүлктүн реестрин жүргүзүү тууралуу Жобо кабыл алынганбы? Муниципалдык мүлк объекттерин колдонгону үчүн ижара акысын эсептөө тартиби кабыл алынганбы?
- калктын саны, турак үй жана турууга ылайыкталбаган фонд, машинелердин саны ж.б. боюнча маалымат базасы түзүлгөнбү?
- ыктыярдуу патенттин көлөмүн аныктоо үчүн хронометраж жүргүзүлөбү?
- Кз зоналык коэффициентинин мааниси жана аймактын экономикалык-пландоо зоналарынын чек аралары аныкталганбы?
- жерлерге каттоо жүргүзүү боюнча иштер жасалганбы?
- бюджеттин кирешелери жана чыгашалары боюнча статистикалык маалыматтар статистикалык отчеттулукту пландоо, мониторинг жүргүзүү жана түзөтүү системасына кошулганбы? Документтерде катталганбы? Системалаштырылган жана түшүнүктүү формада көрсөтүлгөнбү?
- ченемдик-укуктук маалымат базасы колдонулабы?

Бюджет долбоорун карoo жана бекитүү баскычына жүргүзүлгөн аудит төмөнкү суроолорго жооп бериш керек:

- бюджеттеги артыкчылыктарды аныктоонун формалдашкан механизми барбы?
- бюджет боюнча коомдук угуулар өткөрүлөбү?
- жергиликтүү кеңеш бюджетти кароодо жана кабыл алууда формалдык жол-жоболорду сактайбы?

Бюджетти аткаруу баскычына аудитти жүргүзүү үчүн өзгөчө маанилүү суроолорду түзүү төмөнкү суроолорго жооп алуу максатында жүзөгө ашырылат:

- ЖӨБО салыктарды жыйноо жана башкаруу боюнча ыйгарым укуктарын толук кандуу колдонобу?
- алар салыктарды жыйноодо жана башкарууда рационалдуу усулдарды колдонобу? Бул жаатта салыктык жана салыктык эмес кирешелердин жыйналышына жана тийиштүү бөлүштүрүлүшүнө эффективдүү көзөмөлдү камсыздаган эрежелердин жана жол-жоболордун колдонулбай калган учурларына көңүл буруу керек?
- ЖӨБО иштин жана материалдык-техникалык жабдуунун рационалдуу усулдарын колдонобу? АЖМФ жерлери боюнча тендерлерди өткөрөбү?
- ЖӨБО ресурстарды тийиштүү сапатта, зарыл санда, алгылыктуу баада сатып алабы?
- айрым ЖӨБО органдары бекиткен, же бардык ЖӨБ органдары арасында жайылтылган административдик эрежелердин жана жол-жоболордун, мисалы, салыктарды башкаруунун натыйжалуулугу текшерилеби?
- ЖӨБОнын жумушчу күндү кыскартуу, кызматкерлердин штатын орунсуз көбөйтүү, ошондой эле пайдасы аз же керексиз иштерди азайтуу жаатында аракеттери байкалабы?
- ЖӨБО талаптарга жооп берген иштин үнөмдүүлүгүн өлчөп, көзөмөлдөй турган, ошондой эле отчеттуулукту жүргүзгөн системага ээби?
- ЖӨБ өз милдеттерин аткаруу процессинде натыйжаларга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп турабы, анын жыйынтыктары боюнча өз маалында чечимдер кабыл алынабы?

Жергиликтүү бюджеттин каражаттары менен чыгаша операцияларын жүргүзүүнүн тууралыгы, аудит жүргүзүлгөн объекттин ишинин финансылык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн аныктыгына анализ жана баалоо Эсептөө палатасынын башка инструкциялуу документтерине ылайык текшерилиш керек.

Аудит маалында муниципалдык каражаттардын колдонулушун регламенттештирген мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын сакталышына, ошондой эле бухгалтердик (бюджеттик) эсептин жана финансылык отчеттуулуктун формасын жана мазмунун аныктаган ченемдик укуктук актылардын талаптарынын аткарылышына да аудитти жүзөгө ашыруу сунушталат. Ошону менен бирге мыйзамдардагы жоболорду жана башка ченемдик укуктук актыларды сактабоо аудит жүргүзүлгөн объекттин муниципалдык каражаттарды колдонуу натыйжасына, анын финансылык-чарбалык ишине жана анын финансылык отчетто чагылдырылышына олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн.

Жергиликтүү бюджеттердин ачык-айкындуулук жана отчеттуулук маселелери, анын ичинде бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү аудиттин жаңы багыты болуп калат.

## Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук жергиликтүү бюджеттерге жүргүзүлгөн аудиттин жаңы багыты катары

Белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жергиликтүү бюджеттерге аудиттин жаңы методикасын иштеп чыгууда. Жаңы методика аудиттин бардык түрлөрүн өркүндөтүүгө багытталган: финансы аудитти, шайкеш келүү аудитин жана жергиликтүү бюджеттердин натыйжалуулугуна аудитти. Биздин баамыбызда, финансылык көрсөткүчтөрдүн жетиштүү деңгээлде иштелип чыкканына байланыштуу финансы аудитке байланыштуу маселе деле жаралбайт. Белгилүү бир даражада натыйжалуулук аудит тууралуу да ушуну эле айтса болот. Бирок шайкеш келүү аудитине карата маселелер жаралууда. Белгилүү болгондой, шайкеш келүү аудити дегенде “Эсептөө палатасы жөнүндө” Мыйзам аудит объекти, б.а., жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (ЖӨБО) тарабынан анын ишин жөнгө салган мыйзамдарды сактоосуна баа берүүнү түшүнөт.

Мындан улам шайкеш келүү аудитин жүргүзгөн чакта Эсептөө палатасы жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу жол-жобосуна карата мыйзамдардын талаптарын көңүлгө алуу керек.

Бул кайсы талаптар жана кайсы мыйзамдык актылар менен белгиленген? “Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – Бюджеттик укук жөнүндөгү Мыйзам) 12-беренеси республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди кароо жана бекитүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык жана шаардык кеңештер тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен мамлекеттик сырлардын категориясына киргизилген, аларды таркатуу мамлекеттик кызыкчылыктарга, эгемендикке, экономикалык жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтириши мүмкүн болгон маселелерди кароону кошпогондо, айкындуу жана ачык жүргүзүлөт деп белгилеген.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – ФЭН жөнүндө Мыйзам) 13-беренесине ылайык, “жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерин кароо жана бекитүү кеңештин ачык сессияларында жана коомдук угууларда айкындык жана элдин катышуусу менен жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү кеңештердин токтому жана кеңештердин тиешелүү жылга карата бюджеттер тууралу чечимдери массалык маалымат каражаттарында жарыялanууга тийиш”.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – ЖӨБ жөнүндө Мыйзам) 3-беренесине ылай-

ык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы, коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптеринин бири болуп эсептелет. ЖӨБ жөнүндө Мыйзамдын 30-беренесине ылайык, "жергиликтүү кеңештин сессиялары коомчулук үчүн ачык. Ар бир жаран жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген регламентке ылайык сессияларга катышууга укугу бар. Жергиликтүү кеңеш сессиялардын датасы жана күн тартиби жөнүндө жарандарды алдын ала кабардар кылуу боюнча бардык чараларды көрүүгө, алардын сессияга кириши үчүн бардык шарттарды түзүүгө, ошондой эле көрүлгөн чаралар тууралуу жергиликтүү жамаатка маалымдоого милдеттүү".

Мамлекеттик органдардын ишинин ачыктыгы маселеси Конституцияда да бекитилген. Айталы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 33-беренесинин 4-пунктуна ылайык, "ар бир жаранга мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагында болгон маалыматтарды алууга кепилдик берилет".

Маалыматка жеткиликтүүлүккө кепилдиктер "Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камагында турган маалыматка эркин жетүү кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат. Аталган Мыйзамдын 3-беренесине ылайык, "ар кимге маалыматтарга жетүү укугу кепилденет. Мамлекет ар кимдин маалыматты издөө, алуу, изилдөө, өндүрүү, берүү жана таратуу укуктарын коргойт".

Аталган Мыйзамдын 4-беренесине ылайык, жалпыга жеткиликтүүлүгү, объективдүүлүгү, өз убагында берилиши, ачыктыгы жана ишенимдүүлүгү маалыматка жетүү эркиндигинин негизги принциптери болуп саналат. Ошентип Конституция жана ага негизделген мыйзамдар бюджетти түзүү жол-жобосуна жана аткарылышына бери дегенде эки негизги талапты коет – айкындуулук жана отчеттуулук.

## Бюджетти түзүү жол-жобосундагы айкындуулук

Жергиликтүү бюджеттердин айкындуулук түшүнүгү өзүнө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ишин жүзөгө ашырууда ачыктыкты, айкындуулукту жана жергиликтүү жамаат мүчөлөрүнүн пикирлерин эсепке алууну камтыйт. Жергиликтүү бюджеттердин айкындуулугу жарандардын бюджеттик процесстин бардык баскычтарына жеткиликтүүлүгүн камсыздоодо камтылган. Жарандардын бюджеттик процесске жеткиликтүүлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандар талап кылган маалда тийиштүү маалыматты берүү жолу менен да, жарандарды жергиликтүү кеңештин ачык сессияларына жана бюджетти кароодо жана бекитүүдө коомдук угууларга катышуусун камсыздоо жолу менен да ишке ашат. Бюджеттик процесстин айкындуулугу бюджеттик процесстин жүрүшү тууралуу маалыматты жана бул маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин жарыялоо (жарандарга жеткирүү) аркылуу камсыздалат.

## Отчеттуулук

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарынын ортосундагы отчеттуулуктун так сакталышы жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда айкындуулукту камсыздоонун маанилүү элементи болуп эсептелет. Бюджеттик укук жөнүндө Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын өкүлчүлүктүү органы алдындагы отчеттуулугун белгилейт.

Бюджеттик укук жөнүндө Мыйзамдын 47-беренесинде бюджетти түзүү маселелеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарынын ортосундагы өз ара мамилелеринин тартиби каралган. Айталы, жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун өзүлөрүнүн финансы органдары аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары түзөт. Жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы айылдык жана шаардык кеңештер менен макулдашылат.

Бюджеттик укук жөнүндө Мыйзамдын 48-беренесине ылайык, айылдык жана шаардык кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жана бюджеттик комиссияларынын баяндамаларын угат жана кезектеги бюджеттик жыл жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун карайт.

Бюджеттик укук жөнүндө Мыйзамдын 49-беренесине ылайык, айылдык жана шаардык кеңештер төмөнкүлөрдү бекитет:

- жергиликтүү бюджеттерди кирешелердин жалпы суммасында жана учурдагы чыгымдарда бюджетти бөлүүнүн чыгымдарынын жалпы суммасы жана бюджетти өнүктүрүүнүн, ошондой эле зарылчылык болгондо кирешелердин чыгашалардан ашып кеткен өлчөмдөрүн;
- бюджеттик квалификацияга ылайык жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин булактарын жана чыгымдардын багытын;
- жергиликтүү бюджет боюнча жылдын аягындагы кассалык акчаны жүгүртүүнүн өлчөмүн бекитет.

Аталган Мыйзамдын 52-беренеси менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жергиликтүү кеңештер алдындагы отчет берүү тартиби белгиленген. Айталы, жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчетту, эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү аткаруучу органы жылына бир жолу түзөт.

Айылдык жана шаардык кеңештердин бюд-

жеттик комиссиялары бюджеттин аткарылышы жөнүндөгү отчетту карашат, корутунду түзөт жана аны тийиштүү кеңешке берет.

Айылдык жана шаардык кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жана бюджеттик комиссиялардын баяндамаларын угат, бюджеттик комиссиянын корутундусун карайт жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчетторду бекитет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын кызыкчылыгында жана коомдук пикирди эсепке алуу менен өз функцияларын жүзөгө ашыруу принциптерин ишке ашыруунун маанилүү элементи болуп бюджетти кароодо, бекитүүдө жана аткарууда отчеттуулукту камсыздоо эсептелет.

Жогоруда аталган принциптерден улам бюджеттик процесстин бардык баскычтарында кабыл алынган чечимдер жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин эсепке алыш керек. Айталы, бюджеттик процесстин акыркы баскычында – бюджеттин аткарылышы тууралуу отчет, ошондой эле жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн маалыматка жеткиликтүүлүгү камсыздалыш керек. Мындан тышкары бул баскычта бюджеттик (коомдук) угуулар өткөрүлүш керек жана ошондон кийин гана жергиликтүү кеңештерге бекитүү үчүн жиберилет.

Жогоруда аталгандардын баары мыйзамдар бюджетти түзүү, талкуулоо, кабыл алуу жана аны аткаруу жол-жоболоруна карата бир топ катаал талаптарды койгонун ырастайт. Мындан улам Эсептөө палатасы жогоруда аталган талаптарга ылайык жана шайкеш келүү аудитин жүзөгө ашыруу боюнча өз милдеттерин аткаруу менен ЖӨБО коюлган талаптардын баарын аткарып жатканына өз ишинде так көз салыш керек. Бул максаттарда Эсептөө палатасы жергиликтүү бюджеттерге аудит процессинде өз методикаларында иш аракеттеринин анык алгоритмин иштеп чыгыш керек. Буга аны жогоруда аталган мыйзам милдеттендирет.

Атүгүл, айкындуулук жана отчеттуулук аудитин жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү методикасын кошуу зарылчылыгы төмөнкү менен шартталды: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде айкындуулукту камсыздоо маселеси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы отчеттуулугу өңдүү эле Республиканын стратегиялык документтери менен бекитилген. Аны менен катар, Улуттук стратегиянын 2.7-пункту менен бул багыттагы эң артыкчылыктуу тапшырмалардын бири катары "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жана ролун жогорулатуу, алардын жергиликтүү жамаат менен жергиликтүү кеңеш депутаттарынын алдында отчет берүү формасын өркүндөтүү" аныкталды.

Ошондой эле иштелип жаткан методикага айкындуулук аудитин кошуу мамлекеттин коррупцияга каршы саясатына да шайкеш келет. "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин коомдук жана ачык болушу коррупцияга каршы аракеттенүүнүн принциптеринин бири болуп эсептелет. Мыйзамдын бул жобосуна кошумча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы №26 Жарлыгы менен бекитилген Антикоррупциялык саясаттын Мамлекеттик стратегиясында финансылык эсеп жана отчеттулук системасын эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык модернизациялоо каралган. Ошону менен бирге бардык деңгээлдердеги бюджеттерди түзүү жана аткаруу антикоррупциялык саясаттын стратегиясын ишке ашыруунун механизмдеринин бири катары аныкталган.

Айкындуулук жана отчеттуулук принциптеринин сакталышы жергиликтүү бюджеттердин эффективдүүлүгүнө жана ЖӨБОнын өзүнүн ишинин натыйжалуулугуна олуттуу таасирин тийгизүүдө. ЖӨБ жөнүндө Мыйзамда белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди сапаттуу чечүү жергиликтүү бюджеттерди түзүү, аткаруу сапатына жана калктын керектөөлөрүнүн жана муктаждыктарынын бюджеттерде эсепке алынган даражасына да көз каранды.

### Шайкеш келүү аудитинин негизги параметрлери (көрсөткүчтөрү) боюнча сунуштамалар

Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн бюджеттик процесстин бардык баскычтарына тартылуусуна берилген баа жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жергиликтүү кеңештер менен калк алдындагы отчеттуулугунун сакталышы жергиликтүү бюджеттердин айкындуулук жана отчеттуулук аудитинин негизги тапшырмасы болуп эсептелет.

Мыйзамдардын жогоруда аталган талаптарынан улам методикага текшерүүгө тийиш болгон төмөнкү көрсөткүчтөрдү кошууга болот:

- арандардын жергиликтүү бюджетке жеткиликтүүлүгү кантип камсыздалды: бюджеттик угуулар аркылуубу же калк менен маалымат алмашуунун башка формалары (сурамжылоолор) аркылуубу?
- коомдук угуулар бюджеттик процесстин бардык баскычтарында өткөрүлүп келдиби (бюджеттик угуулардын саны, катышкан жарандардын саны)?
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери массалык маалымат каражаттарында жарыяланып турдубу (кайсы жерде, кандай жол менен жана качан)?
- жергиликтүү бюджеттерге тиешелүү чечимдерди кабыл алууда жергиликтүү кеңештердин сессиялары жарыяланып, коомго айтылдыбы?
- жарандардын эсепке алынган сунуштарынын саны.

M

# Мамлекет берилген ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун алдындагы өз милдеттенмелерин аткарууда

**Асылбек ЧЕКИРОВ,**
специалист по финансовой децентрализации Проекта ГГПОМСУ ИПР

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2014-жылдын 19-декабрындагы №715 токтому менен берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитти.**

**Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо зарылдыгы жана милдеттүүлүгү – бул КР Конституциясынын 113-беренеси менен аныкталган ченем. Мындан тышкары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо талабы "Бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө" мыйзамдардын ченемдерине киргизилген. Бирок, тилекке каршы берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо механизминин жоктугунан улам жогоруда аталган ченем иш жүзүндө аткарылбай келет. Бул мамлекеттик органдар жасаш керек болгон иштерди аткаруу үчүн жергиликтүү бюджеттен финансы ресурстарын бөлүүгө алып келди. Ошону менен бирге КР Конституциясынын ченемдери гана бузулбастан, ошондой эле жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесстин жалпысынан өнүгүүсү да токтоп турат.**

Жергиликтүү бюджетти түзүүнүн жол-жоболору берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу боюнча коромжуларды жабууга кирешелердин кошумча булактарын табуу мүмкүнчүлүгүн бербейт. Эгерде борбордук мамлекеттик органдардын деңгээлинде кошумча чыгымдарды талап кылган чечимдер кабыл алынса, анда мамлекет макроэкономиканын деңгээлинде чечимдерди кабыл алуунун эсебинен кошумча ресурстарды издештирет. Мисалы: өндүрүштө жаңы кубаттуулуктарды киргизүү, тышкы сооданы өнүктүрүү, салыктардын ставкаларын көбөйтүү, салыкты жана бажыны башкарууну жакшыртуу ж.б. Бирок бул чечимдердин кайсы бир бөлүгү ЖӨБ деңгээлине финансылык колдоосуз жетсе, анда болгон жүк өсүш мүмкүнчүлүгү чектелүү болгон жергиликтүү бюджеттерге берилет. Мисалы, эгерде мамлекеттик органдар мыйзамдардын деңгээлинде ЖӨБ органдарын мамлекеттик статистиканы, социалдык чөйрөнү, ветеринарияны өнүктүрүү, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу, өрт коопсуздугу, оор турмуштук кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдү колдоо ж.б. маселелери менен алектенүүгө милдеттендирип, бирок аларды финансы каражаттары менен камсыздабаса, анда ЖӨБ органдары өздөрүнүн өнүктүрүү программаларына жумшалган каржылоону кыскартууга мажбур болот. Мындан тышкары жетиштүү каржылоо болбогон чакта мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун өзү суроо жаратат.

Муну түшүнүү менен акыркы жылдары КР Өкмөтү мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн жол-жоболорунун тартибин, анын ичинде каржылоо механизмдерин тартипке келтирүү боюнча иштерди тездетти. Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы №715 токтомун кабыл алуу ошондой иштердин натыйжаларынын бири болуп калды.

Берилген ыйгарым укуктарды каржылоонун көлөмүн эсептөөгө карата түрдүү ыкмалар бар. Ойдогудай схемада берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууга кеткен эмгек чыгымдарын, ошондой эле аны коштогон чыгашалардын көлөмүн аныктоо зарыл. Каржылоонун ушундай моделин иштеп чыгуу аракеттери көрүлгөн, бирок алар төмөнкүдөй проблемаларга туш болгон:

- айрым мамлекеттик органдар колдонуудагы мыйзамдарга шилтеме жасоо менен алардын иш чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын берилген ыйгарым укуктарды аткаруусун таанышбай келет,
- эмгек чыгымдарын эсептөө функцияларды аткаруу өзгөчөлүгүнө, сарпталган убакытка, кызматкердин квалификациясына байланышкан айрм берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын тилигинде атайын изилдөөнү талап кылат,
- эсептөө маалында калктын саны, айылдардын саны жана географиялык жайгашуусу же шаардын аймагынын көлөмү өңдүү каржылоонун көлөмүнүн өзгөрүүсүнө таасирин тийгизген факторлорду эсепке алуу өтө татаал.

Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо моделине байланышкан көптөгөн талкуулар бул маселе боюнча чечим кабыл алуу ишин создуктуруп жиберди. Балким ушундан улам Өкмөт убактылуу, өткөөл моделге токтолуу чечимин кабыл алгандыр. Бул модель иш жүзүндө түзүлүп калган чыгашалардын негизинде күтүлгөн чыгымдарды эсепке алат. Чыгашалар эмгекти төлөөнүн колдонуудагы ставкалары жана аны коштогон чыгашалар боюнча эмгекке кеткен чыгымдарды эсепке алат.

Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоонун көлөмүн эсептөө боюнча төмөнкүдөй формула сунушталды:

$$ЦТ = \sum ЦТi, \text{ где}$$

ЦТ - мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоого жергиликтүү бюджеттердин топтору боюнча берилген трансферттердин жылдык көлөмү;

- ЦТi – ошол i жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын трансферттеринин жылдык көлөмү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу боюнча трансфертинин көлөмү төмөнкүдөй формула боюнча эсептелет:

$$ЦТi = ФОТi + МЗ \times Ч, \text{ где}$$

- ФОТi – берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруучу ошол i жергиликтүү өз

*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу Тургунбай ТАШКУЗИЕВ*








алдынча башкаруу органынын кызматкерлеринин жылдык эмгек акы төлөө фонду. ФОТко региондун бийик тоолуу же алыс турган шарттарын эске алуу менен эмгек акыга кошумчалар жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которуулар киргизилет.

- МЗ – берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруучу бир адистин материалдык чыгымдары, ага: жергиликтүү бюджеттерди топтору боюнча пландаштыруу убагында өткөн мезгилдеги же өткөн жылдардагы иш жүзүндөгү чыгымдарга жараша колдо болгон акыркы маалыматтар боюнча эсептелүүчү командировкалык чыгымдар, байланыш кызматтарына, кеңсе товарларына чыгымдар кирет;
- Ч – берилген ыйгарым укуктарды аткаруучу адистердин иш жүзүндөгү саны.

Эскертүү: МЗ мааниси мисалы, конкреттүү муниципалитеттин эмес, Кыргыз Республикасындагы бардык айылдык аймактардын чыгымдарынын орточо мааниси катары эсептеле турганына көңүл буруу керек.

КР Өкмөтүнүн Токтомунда берилген мамлекеттик ыйгарым укуктары ушул формула боюнча каржылана турган алгачкы 4 мамлекеттик орган аныкталды: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети, Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлиги, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду.

Ошону менен бирге бүгүнкү күндө жогоруда аталган мамлекеттик органдардын ичинен ЖӨБнын бардык органдарында Улуттук статистикалык комитеттин ыйгарым укуктарын туруктуу негизде аткарган экономист-статисттин штаттык бирдиги гана бар болгонун белгилей кетүү зарыл. Бул ыйгарым укук боюнча чыгашалардын көлөмү аталган формула боюнча толук кандуу эсептеле алат. Өкмөттүн Токтомунда белгиленген башка ыйгарым укуктар боюнча эмгек чыгашаларынын көлөмү белгисиз жана сунушталган формуланы азырынча колдонууга болбойт.



Бирок эгерде “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тартиби жөнүндө” Мыйзамдын талаптарына ылайык жогоруда аталган мамлекеттик органдар Өкмөттүн токтомунда көрсөтүлгөн ыйгарым укуктар боюнча берүү жол-жобосун ишке ашырса, анда формула кошумча трансферттердин көлөмүн эсептөөгө жол ачат.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн маанилүү суроону чечмелеп берүү зарыл: кошумча трансферт теңдештирүүчү гранттын көлөмүн эсептөөгө таасирин тийгизеби?

Киреше потенциалын эсептөө боюнча репрезентативдик системага трансферттер кирбейт. Бирок кошумча жобо бар: репрезентативдик системага кирбеген кирешелердин башка түрлөрү жергиликтүү бюджеттин бюджеттик камсыздандырылгандыгын эсептөөдө кошулат жана жергиликтүү бюджеттер ортосунда репрезентативдик системасына кирген кирешелер боюнча эсептелген алардын киреше потенциалына пропорционалдуу болуп бөлүштүрүлдү деп эсептелет.

Бул ченем иш жүзүндө кантип жүзөгө ашырыла турганы азырынча көп түшүнүктүү болбой турат. Эгерде кошумча трансферт теңдештирүүчү гранттын биринчи бөлүгүн эсептөөдө кошулса, анда конкреттүү муниципалитет үчүн анын көлөмү азаят.

Күтүлгөндөй төмөндөп кетиши бюджеттик чыгашалар индексинин өсүшү менен толукталмак. Бирок чыгаша милдеттенмелеринин репрезентативдик системасына жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча гана милдеттенмелер кирет жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча чыгашалар эсепке алынары анык эмес.

Эгерде берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоого кошумча трансферт теңдештирүүчү гранттын көлөмүнүн азайышына себепчи болсо, анда дотациядагы айылдык аймактарга берилген ыйгарым укуктарды каржылоо модели оң таасирин тийгизбейт. Оң натыйжаны жергиликтүү бюджеттердеги каражатынын бир бөлүгү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө бошоп кала турган “бакубат” айылдык аймактар алат.

Убактылуу методиканы колдонууга байланышкан айрым бир маселелерге карабастан бул албетте жакшы факт. Ал мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелерин ажыратуу процессин улантууга таасирин тийгизет.

# Мыйзамдагы жаңылыктар

## Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестри КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы N 6 токтому менен бекитилген

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестри КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 14-январындагы № 6 токтому менен бекитилген. Жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык кызмат көрсөтүү тутумун оптималдаштыруу, алардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында КР Өкмөтү "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин" бекитти. Кабыл алынган токтом менен КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигине эки айлык мөөнөттө төмөнкүлөрдү иштеп чыгуу жана КР Өкмөтүнүн кароосуна белгиленген тартипте киргизүү тапшырылды:

- муниципалдык кызматтардын базалык реестрине киргизилген муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарынын долбоору;
- муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн типтүү административдик регламентинин долбоору.

Мындан тышкары КР Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигине муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмеги бекитилгенге чейин учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан акы төлөп көрсөтүлүүчү кызматтардын тарифтерин макулдашуу тапшырылды.

Ошону менен бирге Өкмөттүн токтомунда ЖӨБ органдарына муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрин 2015-жылдын 1-июлунан тартып жетекчиликке алуу сунушталат.

| № | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү стандартташтырууга жооптуу ыйгарым укуктуу орган | Кызматтарды көрсөтүүчү муниципалдык мекемелер | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн шарттары (акы төлөнүүчү/ акысыз) |
|---|---|---|---|---|
| 1. Административдик кызмат көрсөтүүлөр | | | | |
| 1 | Юридикалык жана жеке жактардын сунушу боюнча калктуу пункттагы географиялык объектилердин аталышы, аталышын өзгөртүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдары | Акысыз |
| 2. Муниципалдык менчик объектилерине укуктарды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр | | | | |
| 2 | Турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж болгон жарандардын эсебин алуу | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |
| 3 | Кыргыз Республикасынын жарандарына муниципалдык менчикте турган турак жайды жеке менчикке берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |
| 4 | Жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык менчикте турган турак жайды мөөнөттүү пайдаланууга берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |
| 5 | Жарандарды жеке турак жай курулушу үчүн жер участогуна муктаж катары кезекке коюу | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |
| 6 | Жеке турак жай курулушу үчүн жер участогун берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |
| 7 | Жарандарга жанаша жайгашкан жер участогуна пайдалануу же менчик укугун берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Юридикалык жана жеке жактарга муниципалдык менчикте турган жер участокторун ижарага же менчикке берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |
| 9 | Юридикалык жана жеке жактарга муниципалдык менчикте турган турак жайга кирбеген жайларды жана кыймылсыз мүлк объектилерин менчиктештирүү жолу менен менчикке берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акы төлөнүүчү |
| 10 | Юридикалык жана жеке жактардын суроо-талабы боюнча муниципалдык менчикте турган турак жайга кирбеген жайларды жана кыймылсыз мүлк объектилерин пайдаланууга же ижарага берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акы төлөнүүчү |
| 11 | Көрүстөндөрдөн сөөк коюу үчүн орун берүү | ЖӨБЭММА | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |
| 3. Социалдык-маданий кызмат көрсөтүүлөр | | | | |
| 12 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан уюштурулган китепканалардын фонддорунда турган басылмаларды жана документтерди убактылуу колдонууга берүү | ММТМ | ЖӨБдүн аткаруучу органдары | Акысыз |

# Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине карата ӨСИнин сереби

КР Өкмөтү көпкө күтүлгөн КР ЖӨБ органдары аткарып келген Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрин бекиткени бир эле учурда оң пикирди да, таң калууну да пайда кылды. Бул реестр алдыдагы эки айда стандартташтырылып, регламенттештириле турган кызмат көрсөтүүлөрдүн алгачкы негизги тизмеси болуп калды. Анткен менен муниципалдык менчик объекттерине укуктарды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинин 2-п. терең талдай келгенде физикалык жана юридикалык жактарга муниципалдык менчик объекттерине укук берүүгө жана/же убактылуу колдонууга берүүгө байланышкан мамилелер канчалык деңгээлде кызмат көрсөтүү болуп эсептелет, алар административдик-укуктук же жарандык-укуктук мүнөзгө ээби деген белгилүү бир суроолор жаралат.

Белгилей кетели, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан мамилелер административдик-укуктук мүнөзгө ээ. Себеби алар жарандын же юридикалык жактын суроо-талап менен кайрылуусуна байланыштуу жаран/юридикалык жак менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ортосунда пайда болууда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети тийиштүү муниципалдык кызматты көрсөтүү болуп эсептелет.

Ошол эле кезде физикалык жана юридикалык жактарга муниципалдык менчик объекттерине (жер участоктору, турак үйлөр жана турууга жараксыз жайлар) укукту берүүгө жана/же убактылуу колдонууга берүүгө байланышкан мамилелер жарандык-укуктук мүнөзгө ээ жана ошол менчикти башкарууга жана колдонууга байланышкан укук ээсинин эркине толугу менен көз каранды.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесине ылайык, биздин өлкөдө менчиктин ар кандай түрлөрү таанылат жана жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрүн тең укуктуу корголушуна кепилдик берилет.

Менчик кол тийгис. Эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес. Менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет. Менчик ээлеринин өз укуктарын ишке ашыруунун чектери жана тартиби, аларды коргоонун кепилдиктери мыйзам менен аныкталат.

КР Жарандык кодексинин 222-беренесине жана “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамынын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикти өз ыктыяры боюнча сатып алууга, ээлик кылууга, колдонууга жана башкарууга укуктуу.

Ошентип ЖӨБ органдары башка менчик ээлери (жарандар, юридикалык жактар жана мамлекет) өңдүү эле өз ыктыяры боюнча муниципалдык менчикти башкарууга жана тескөөгө толук укугу бар. Физикалык жана юридикалык жактардын муниципалдык менчик объекттерине менчик укугун берүү жана/же убактылуу колдонууга берүү боюнча суроо-талаптары алар үчүн аткарууга милдеттүү эмес болуп эсептелет. Муниципалдык менчикке ээлик кылуу, колдонуу жана тескөө боюнча ыйгарым укуктарды алар муниципалдык менчик объекттерине өзүнүн менчик укуктарынын алкагында ишке ашырат жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн активдер

менен муниципалитеттин башка экономикалык, финансылык мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу максатында муниципалдык менчикти натыйжалуу башкарууга багытталыш керек. Ушундан улам ЖӨБ органдары мүлктүн башка ээси өңдүү эле кайсы муниципалдык мүлктү сатарын/берерин, ал эми кайсы мүлктү муниципалдык менчикте калырарын өз алдынча чечет. Эч ким ЖӨБ органдарынын бул маселелерине кийлигишүүгө жана алардан муниципалдык менчик объектисине укуктарды милдеттүү түрдө берүүнү талап кылууга укуксуз. Физикалык жана юридикалык жактарга муниципалдык мүлккө менчик укугун беүү жана/же убактылуу колдонууга берүү турак жай мыйзамдары менен белгиленген айрым учурларды кошпогондо, милдеттенме эмес, ЖӨБ органдарынын өздөрүнө гана таандык болгон УКУК.

Бул жерде КР Өкмөтүнүн токтому "кайсы бир кызматты көрсөтүү" дегенде муниципалдык менчик объектисине укук берүүнү эмес, аталган арыздарды карoo жана документтерди жол-жоболоштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү түшүнүш керектигин так белгилеш керек.

Мындан тышкары ЖӨБЭММА реестрдин 2-п. белгиленген муниципалдык менчик объектисине укуктарды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгууда кыймылсыз мүлк объекттеринин өзү эмес, муниципалдык менчик объектисине укуктарды берүү боюнча документтерди жол-жоболоштуруу гана акысыз негизде жүргүзүлөрүн так көрсөтүш керек. Болбосо мына ушул редакциясы 2.3, 2.4, 2.7, 2.8-п. ылайык, муниципалдык жерлер жана жайлар акысыз берилет деп чечмелөөгө жол ачууда. Бул болсо муниципалдык менчикте турган объекттерге укуктарды берүүнүн тартибин жана шарттарын жөнгө салган мыйзамдарга эч шайкеш келбейт.

Мындай ченемдик укуктук актылар болуп КР Жер кодекси жана "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамы эсептелет. "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамынын 11-беренесинде Муниципалдык менчиктеги мүлк сатып алуу-сатуу, менчиктештирүү же алмаштыруу жолу менен ажыратылышы мүмкүн деп каралган. Муниципиалдык мүлктү менчиктештирүү төмөнкү усулдар менен жүзөгө ашырылат: аукциондо сатуу; конкурста сатуу; кийин сатып алуучу башкарууга берүү; кийин сатып алуучу ижарага өткөрүп берүү; чарбалык шериктердин жана коомдордун уставдык капиталдарына салым катары кошуу. Мүлккө чектелүү укуктарды берүү тууралуу айта турган болсок, 15-беренеге ылайык, муниципалдык менчик объекттерин пайдаланууга жана ижарага берүү, ушул Мыйзамдын 16-беренесинде, КР мыйзамдарында, жергиликтүү кеңештердин чечимдеринде каралгандан башка учурларда, тооруктарды өткөрүү жолу менен жүргүзүлөт. Мындан тышкары КР Жер кодексинин 25-беренеси жер участогун жеке менчикке же пайдаланууга берүүнү, ал эми 29-берене соодалашуу аркылуу жер участогун менчикке же пайдаланууга берүүнү жөнгө салат. М




*Плакаттын автору – "БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014" плакаттар сынагынын катышуучусу Алимжан ЖОРОБАЕВ*

# Муниципалдык кызматчыларды окутуу тууралуу

## КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо жөнүндө", 2014-жылдын 10-ноябры, N 631

КР Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо жөнүндө", 2014-жылдын 10-ноябры, № 631.

2014-жылдын 10-ноябрында КР Өкмөтү мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында өз токтому менен "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо жөнүндө" Убактылуу жобону бекитти.

Убактылуу жобо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууга жиберүү боюнча мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын координациялоонун жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн тартибин жөнгө салат.

Донорлордун каражаттарынын эсебинен окутуу чет өлкөлөрдө да, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында да жүргүзүлүшү мүмкүн.

Кызматчыларды донорлордун каражаттарынын эсебинен окутуу төмөнкүлөрдү камтыйт: үч айга чейинки кыска мөөнөттүү окутуу программаларын; үч айдан бир жылга чейинки орто мөөнөттүү окутуу программаларын; бир жыл жана андан ашык узак мөөнөттүү окутуу программаларын.

Ошону менен бирге Убактылуу жобо бир нече чектерди да белгилейт:

- Убактылуу жобо иштеп жаткан долбоорлордун алкагында окууга жиберилген кызматчыларды окутууга колдонулбайт, ал долбоорлор боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары түзүлгөн макулдашууларга/келишимдерге ылайык аткаруучу агенттиктер катары чыгышат;
- Убактылуу жобо 2015-жылдын 31-декабрына чейин күчүндө болот.

Мындан тышкары КР Өкмөтү кабыл алган токтом менен:

- КР Мамлекеттик кадр кызматына мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу жагындагы мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизүү сунушталат;
- КР Өкмөтүнүн 2002-жылдын 16-июлундагы № 476 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызматчыларын стажировкага, кайта даярдоого жана квалификациясын жогорулатуу үчүн чет өлкөгө жиберүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому күчүн жоготту деп табылды.

## КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 31-декабрындагы N 632-р Буйругу

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын кесипкөйлүгүн мындан ары жогорулатуу максатында КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 31-декабрындагы №632-р Буйругу менен 2015-жылга КР мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутууга мамлекеттик тапшырык бекитилди.

Бул буйрук менен төмөнкүлөр тапшырылды: КР Финансы министрлигине 2015-жылга Мамлекеттик тапшырыкты каржылоону камсыз кылуу; КР мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды Мамлекеттик тапшырыктын алкагында окутууга жөнөтүүнү камсыз кылуу.

Андан ары Өкмөттүн буйругу менен төмөнкүлөр сунушталат:

КР Мамлекеттик кадр кызматына:

- КР Мамлекеттик кадр кызматынын бюджетинде каралган каражаттардан 4 276 250 (төрт миллион эки жүз жетимиш алты миң эки жүз элүү) сомду Мамлекеттик тапшырыкты ишке ашыруу үчүн КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясына берүү;
- Мамлекеттик тапшырыкты ишке ашыруу үчүн билим берүү уюмдарынын арасында конкурстук тандоо өткөрүү;
- КР мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу процессине туруктуу мониторинг жүргүзүү.

КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясына:

- Мамлекеттик тапшырыкка ылайык макулдашылган тематикалар боюнча окутуу өткөрүү;
- а млекеттик тапшырыкты ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө КР Мамлекеттик кадр кызматына ай сайын жана КР Өкмөтүнүн Аппаратына жылдын жыйынтыгы боюнча маалымат берүү.

***Окуудан өтө турган муниципалдык кызматкерлердин жалпы саны 1175 адамды түзөт.***

# Региондорду өнүктүрүү фонду тууралуу

КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-ноябрындагы № 633 "Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүү тартиби жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу" Токтому.

"Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктардын негизги принциптери жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-1-беренесин ишке ашыруу максатында КР Өкмөтү төмөнкүлөрдү бекитти:

- Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүү тартиби жөнүндө Типтүү жобону;
- долбоорго табыштаманын формасын;
- региондорду өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен каржылоо үчүн долбоорду тандап алуу критерийлеринин жана көрсөткүчтөрүнүн таблицасын;
- максаттуу каржылоо тууралуу келишимди.

Андан ары ушул токтом менен КР Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жана жергиликтүү райондук администрацияларга үч айлык мөөнөттө Типтүү жобонун негизинде облустарды жана райондорду өнүктүрүү фонддорун түзүү тапшырылды.

Типтүү жобого ылайык, Фонддун негизги максаты шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү жамааттарынын жарандардын жашоо деңгээлин жогорулатууга, жергиликтүү экономикалык өнүгүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган артыкчылыктуу демилгелерин колдоо болуп саналат.

Фонддон каражат алууга арыз ээси болуп Фонддун каражат эсебинен каржылоо үчүн конкурска долбоор сунуштаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы эсептелет.

Фонддун акча каражаттары Байкоочу кеңеш тарабынан бекитилген долбоорлордун тизмегине жана жылдык бюджетине ылайык төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталат:

- калктуу конуштарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана инфратүзүмүн өнүктүрүү боюнча иш-чараларга;
- жерлерди мелиоративдик жакшыртуу, сугат түйүндөрүн, гидротехникалык объекттерди оңдоо, калыбына келтирүү иш-чараларына жана жердин абалын жакшыртуу боюнча башка агротехникалык иш-чараларга;
- курорттук-рекреациялык зонаны өнүктүрүүнүн башкы пландарын, деталдуу пландоонун долбоорлорун, калктуу конуштардын шаар куруу документтерин иштеп чыгууга, экологиялык коопсуздукту жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды камсыздоого;
- жөндөмдүү жана таланттуу балдарды колдоого;
- туризмди өнүктүрүү жана эл аралык туризм үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча иш-чараларга;
- коомчулуктун муктаждыктарын камсыздоого жана жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө багыттала турган техниканы жана жабдууну жаңыртууга, борборлоштуруп сатып алууга;
- акы төлөөчүлүк, мөөнөттүүлүк жана кайтарымдуулук негизинде көп балалуу жана жаш үй-бүлөлөрдү, бюджеттик уюмдардын жумушчуларын, облусту социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү бизнес-долбоорлорду микрокредиттик уюм аркылуу микрокредиттөө;
- ипотекалык насыялоого, калктын социалдык аярлуу катмары үчүн турак жайдын курулушуна;
- жергиликтүү калкты ичүүчү таза суу менен камсыздоо, суу түтүктөрүнүн тарамдарын оңдоо жана калыбына келтирүү боюнча иш-чараларга;
- облустун, райондун, шаардын жана айылдын аймагында өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларга;
- облуста, райондордо, шаарларда жана айыл аймактарында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк боюнча долбоорлорду өнүктүрүүгө;
- инвесторлор менен капиталга чогуу катышуу жана/же инвесторлор менен биргелешип каржылоо принцибинде облустарда, райондордо жана шаарларда жаңы ишканаларды ачууга;
- билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык коргоо, маданият жана спорт мекемелеринин, укук коргоо органдарынын, коргоонун, жарандык коргонуунун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын материалдык-техникалык базасын чыңдоого.

Фонддун каражаттарын майрамдык иш-чараларды, юбилейлерди уюштуруу боюнча иш-чараларга, белгиленген ченемден жогору сыйакыларды төлөөгө жана Фонддун максаттарына, милдеттерине ылайык келбеген башка иш-чараларга пайдаланууга жол берилбейт.

Фонд Районду өнүктүрүү фонду жана Облусту өнүктүрүү фонду түрүндөгү юридикалык жактын статусуна ээ.

Районду өнүктүрүү фондунун уюштуруучусу болуп райондук мамлекеттик администрация эсептелет.

Облусту өнүктүрүү фондунун уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эсептелет.

Фонддун ишин жүзөгө ашыруу үчүн Казыналыкта атайын эсеп ачылат.

Фонд өзүнүн ишин мыйзамдуулук, ачыктык, айкындуулук, жергиликтүү коомчулуктун алдындагы отчеттуулук принциптеринде, ошондой эле жергиликтүү коомчулуктун демилгесинин артыкчылыгы, Фонддун каражаттарын максаттуу, рационалдуу пайдалануу жана натыйжалуу башкаруу принциптеринде жүргүзөт.

# “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жаңылыктары



## Тор-Камыш айылында сугат суу үчүн механикалык суу жеткиргич курулду

2015-жылдын 11-январында Жалал-Абад облусунун Кара-Жыгач айылдык аймагынын Тор-Камыш айылында ирригациялык системанын объектисинин расмий ачылышы өттү. Бул долбоор ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу алдында Кара-Жыгач айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана тургундарынын биргелешкен аракети менен ишке ашырылды.

Тор-Камыш айылында сугат суу тартыштыгы байкалган кайрак үлүштөрдө жана короо жай участокторунда өсүмдүктөрдү өстүрүү менен алектенген 750 киши жашайт. Бирок суунун тартыштыгынан улам жергиликтүү тургундар бардык продукцияны башка жактан ташып турушкан. Анткени түшүм өстүрүп, аны алуу үчүн алар сууну да сатып алууга мажбур эле. Элеттик чогулуштардын биринде айылдык аймактын жашоочулары добуш берүү жолу менен Тор-Камыш айылындагы сугат суу тартыштыгын чукул арада чечилүүгө тийиш маселе катары аныктап алышты. Айылды сугат суу менен камсыздоо максатында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында жарыяланган Чакан гранттар программасынын сынагына катышуу үчүн табыштама берилген. Табыштамада сүрөттөлгөн долбоордун жалпы наркы 1 273 626 сомду түздү, анын ичинен 123 626 сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн. Табыштаманы карап чыккан Сынактык комиссия долбоорду ишке ашыруу үчүн 1 млн. сомго гранттык каражатты бөлүү тууралуу чечим кабыл алды. Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жергиликтүү калк да 150 000 сомго эмгек салымы түрүндө колдоо көрсөттү.

Гранттык долбоорду ишке ашыруу процессинде товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылды. Айыл өкмөттүн кызматкерлери мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруу боюнча Долбоор уюштурган тренингдерден өтүштү. Бирок долбоордук жумуштардын башталышы создугуп кетти. Буга подрядчы уюмдардын квалификациясы талап кылынган деңгээлге шайкеш келбегендиктен жумуштарды сатып алууга тендердин үч жолу жарыяланганы себеп болду. Жыйынтыгында Кара-Жыгач АӨ өткөргөн үчүнчү тендердин натыйжасы боюнча анын жеңүүчүсү болуп “Мега-Прим” ЖЧК компаниясы табылды. Долбоордук жумуштардын алкагында жерге байланыштуу иштер аткарылып, насос станциясы жана узундугу 410 метр болгон оргутуучу кубур өткөргүч курулду. Мындан тышкары насос стан-

циясы үчүн аванкамера жана аталган станциянын имараты, ошондой эле сууну бөлүштүрүү үчүн суу кабыл алчу кудук да курулду. Жумуш кызуу жүрүп жаткан чакта элеттиктер бул иштерге жигердүү катышты: жер казышты, насос станциясынын имаратын курушту ж.б. Аба ырайы бузулуп, катуу суу түшкөнүнө байланыштуу курулуш жүрүп жатканда антфриз колдонууга туура келди, тоңуп калган жерди уруп түшүрмө балка менен казышты. Бирок бул кыйынчылыктарга карабастан бардык жумуштар өз убагында аткарылып, жаңырган жылдагы талаа жумуштарынын сезонунун башталышында Тор-Камыш айылынын тургундары сугат сууга жетип, 70 гектар жер сугарылмай болду.

## Багыш айылдык аймагынын жергиликтүү калкы заманбап окутуу үчүн шарттарды түзүүдө

2015-жылдын 20-январында Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Багыш айылдык аймагында жыйын өттү. Анда 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча маалымат берилди: биргелешкен аракеттер планын (БАП) ишке ашыруу боюнча; 2015-2017-ж.ж. долбоор боюнча; Биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ) тобунун маалыматын угушту. Жыйындын жалпы катышуучуларынын саны 217 киши болду, алардын ичинен 78и аялдар, 13ү депутаттар. Жыйын маалында жашоочулардын назарына жергиликтүү тургундардын турмуш шартын жакшыртууга багытталган 3 долбоордук табыштама сунушталды: трактор үчүн тетиктерди сатып алуу, ички жолдорду оңдоо, мектеп үчүн мүлк сатып алуу менен заманбап окутуу үчүн шарттарды түзүү.  Добуш берүүнүн натыйжасында элеттик мектеп үчүн мүлк сатып алуу боюнча долбоор эң көп колдоого ээ болду. Аталган долбоордун жетекчиси – БМжБ тобунун мүчөсү Бактыгүл МАМЫТОВА.  Аксакалдар сотунун төрагасы Ж.САРЫКОВ белгилегендей, аймактын территориясында өсүш жана өнүгүү тенденциясы байкалат. “Бүгүн менде салыштыруу мүмкүнчүлүгү болду. Мисалы, 2012-жылы калкты бүгүнкүдөй кылып чогултуу өтө оор иш болгон. Атүгүл каалоочулардын көбү батпай калды, көптөр көчөдө турушту. Баары абдан жакшы уюштурулду, баары көрүп, уга алышы үчүн жаңы технологиялар колдонулууда. Биринчи жолу башчынын маалыматын жөн гана укпастан, экрандан да көрүп жатабыз. БМжБ тобун кошкону абдан жакшы болду. Алардын сөздөрү тең салмактуу болуп, айыл өкмөт аппаратынын ишине ишенимди пайда кылды”, - деди ал.

## Мартта “Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана натыйжалуу өз ара аракети: ресурстар, натыйжалуулук, ишеним” темасына Эл аралык конференция өтөт

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдуулук жана мамлекеттик түзүлүш комитети (мындан ары – Комитет) Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору менен биргеликте сизди 2015-жылдын 13-14-март күндөрү Бишкекте өтө турган “Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана натыйжалуу өз ара аракети: ресурстар, натыйжалуулук, ишеним” деп аталган эл аралык конференцияга катышууга чакырат. Конференциянын максаты – Кыргыз Республикасынын жогорку кызматтык адамдарынын катышуусу менен ресурстарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында мамлекеттик бийлик бутактарынын жана ЖӨБ органдарынын аракеттерин бириктирүү жана үндөштүрүү зарылчылыгы пайда болгон шарттарда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мындан аркы өнүгүүсүнүн саясий багытын аныктоо жана реформалардын жыйынтыктарын талкуулоо. Ошондой эле конференциянын алкагында жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуу боюнча конституциялык укуктарын ишке ашырууну жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мыкты кыргызстандык жана эл аралык практиканы жайылтууну талкуулоо пландалып жатат. Иш-чаранын негизги баяндамачылары: мамлекеттик органдардын өкүлдөрү – КР ЖК депутаттары, КР Өкмөтү, КР Финансы министрлиги, КР Экономика министрлиги, КР ЖӨБЭММА, КР Мамлекеттик кадр кызматы, КР Эсептөө палатасы, КР Башкы прокуратурасы; Кыргыз Республикасынын жарандык коом өкүлдөрү; КР жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү; Латвия, Польша, АКШ жана Орусиядан эл аралык эксперттер. М

# ӨСИ ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## ММК өкүлдөрү арасында өткөрүлгөн “Шаардын бюджети – менин бюджетим” сынагынын жеңүүчүлөрү аныкталды

2014-жылдын 12-декабрында Бишкекте өткөн жылдын май айында Бишкек менен Ош шаарларынын ММК өкүлдөрү арасында жарыяланган “Шаардын бюджети – менин бюджетим” деп аталган сынактын жыйынтыктары чыгарылды. Сынак Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлигинин (DFID) финансылык колдоосу алдында Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Бишкек жана Ош шаарларынын бюджеттик процессинин айкындуулук жана отчеттуулук деңгээлин жогорулатуу” долбоорунун алкагында өткөрүлдү. **“Басма ММК” номинациясында:**

- 1-орун - Зинаида СОРОКИНА, “Вечерний Бишкек” гезитинин журналисти.
- 2-орун - Елена ЖОЛОБОВА, “Для Вас” гезитинин журналисти.
- 3-орун - Галина ЛУНЕВА, “Слово Кыргызстана” гезитинин журналисти жана Станислав ПОЛИЩУК, “Эхо Оша” гезитинин журналисти.

**“Эфирдик ММК” номинациясында:**

- 1-орун - Эрнис НУРМАТОВ, “Азаттык” радиосунун журналисти.
- 2-орун - Эрмек АКТАНОВ, “Биринчи радио” радиосунун журналисти.

**“Интернет ММК” номинациясында**

- 2-орун - Ирина БАЙРАМУКОВА, журналист-фрилансер жана Александр НИКСДОРФ, «Коммент.kg» сайтынын журналисти.
- 3-орун - Анастасия БЕНГАРД, «24.kg» сайтынын журналисти жана Музаффар ТУРСУНОВ, «Ынтымак» сайтынын автору.

**“Шаардыктар жана бюджет” аттуу атайын номинацияда** “Бетме-бет” гезитинин журналисти Тамара КАШИРСКАЯ жеңүүчү деп табылды.

Бардык жеңүүчүлөргө дипломдор жана белектер тапшырылды.

## Өнүктүрүү саясат институту мамлекеттик кызматтын өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн КР Мамлекеттик кадр кызматын БУУнун сыйлыгына көрсөттү

Мамлекеттик кадр кызматына караштуу Мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өнүктүрүү боюнча консультативдик эксперттик кеңеш мамлекеттик кызматты өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Бириккен улуттар уюмунун сыйлыгына көрсөтүлдү.

Бул демилгени 2014-жылдын декабрында Өнүктүрүү саясат институту көтөргөн.

Мамлекеттик кызматты өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн БУУнун сыйлыгына көрсөтүү жыл сайын өтүп турат. Дүйнө өлкөлөрүндө мамлекеттик мекемелердин мамлекеттик башкаруунун дагы да натыйжалуу жана ыкчам системасына салым кошуу жана чыгармачыл жетишкендиктерди таануу программанын максаты болуп эсептелет.

БУУнун бул сыйлыгы 2003-жылдан бери берилип келет. Белгилей кетчү жагдай, Кыргызстан мындай сыйлыкка биринчи жолу көрсөтүлүп жатат. Иш диапазону кеңири болгонуна байланыштуу жеңүүчүлөр региондор боюнча аныкталат. Кыргызстан сынакка Азия-Тынч океан региондорунун алкагында көрсөтүлүүдө. Бул региондун алкагында ар кайсы жылдары жеңүүчү болуп Сингапур, Корея жана Жапония таанылган.

Сынактын шарттары боюнча сыйлыкка үчүнчү жак көрсөтүш керек. Кыргызстанды Өнүктүрүү саясат институту сунуштады. Аталган коммерциялык эмес уюм Мамлекеттик кадр кызматынын талапкерлигин “Инновациялык механизмдерди колдонуу менен саясий жактан маанилүү чечимдерди кабыл алууга катышуусун шыктандыруу” категориясында көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы сынактын 1-турунан ийгиликтүү өттү. 1-турунда БУУнун Мамлекеттик башкаруу түйүнүнүн (UNPAN-United Nations Public Administration Network) расмий сатында онлайн-табыштама толтурулат. Бул жерде көйгөйлөргө анализ, стратегиялык мамиле жасоо, аткаруу жана жүзөгө ашыруу, таасирин тийгизүү жана туруктуулук өңдүү бөлүмдөр каралган. Алардын ичинде жогоруда аталган сыйлыкка тиешелүү бир катар суроолор камтылган. Акыйкат баа берүүнү камсыздоо үчүн табыштама бири биринен көз карандысыз ар башка эксперттер тарабынан каралат.

Ушул тапта экинчи тур үчүн документтер даярдалып жатат.

Азыркы учурда табыштама толукталган документтер менен экинчи турда кароодон өтүп жатат.